Ачык Ой - пикир фонду

# Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги: укуктук камсыздалышына жана тажрыйбасына сереп салуу

Дмитрий Кабак, Алмаз Эсенгельдиев




http://prava.kloop.kg
http://facebook.com/OpenViewpoint
http://twitter/OpenVP
OpenVP@gmail.com

Бул басылма ЕККУнун колдоосу аркылуу басылып чыккан

ЕККУ
Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги борбору

Бишкек – 2011

УДК 322
ББК 86.3
К97

**К97** **Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги: укуктук камсыздалышына жана тажрыйбасына сереп салуу**. Авторлору: Дмитрий Кабак, Алмаз Эсенгельдиев. – Б.: «Ачык ой-пикир» коомдук фонду, 2011. – 72 бет.

ISBN 978-9967-26-533-2

Бул басылмада Кыргыз Республикасындагы дин тутуунун укуктук камсыздалышы, анын турмушка ашырылышы эркиндигинин тажрыйбасына жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө сереп салынат. Маалыматтар Кыргыз Республикасынын конституциялык ченемдерин жана эл аралык милдеттенмелерин эсепке алуу менен дин тутуу эркиндигин укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүгө көмөктөшүү максатында чогултулган.

«Ачык ой-пикир” коомдук фонду укуктук камсыздоо жана адам укуктарын коргоо маселелери менен алектенет. 2009-жылдан тартып 2010-жылга чейин фонд Ноокатта 2008-жылдын 1-октябрында болуп өткөн тургундар менен укук коргоо органдары ортосундагы кагышуулар боюнча тергөө жана соттук өндүрүш учурунда кыйноого жана катаал мамилеге дуушар болгон, адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укугу тебеленген дин туткандарды коргоо боюнча стратегиялык соттошууну жүргүзгөн. Фонд ишти Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда каралышына чейинки укуктук коргоону камсыз кылып, ошону менен бирге коргоонун эл аралык механизмдерин – Адам укугу боюнча кеңештин атайын процедураларын колдонгон; Адам укугу боюнча БУУнун Жарандык жана саясий укуктары жөнүндөгү эл аралык пактынын бузулушу боюнча комитетине жеке билдирүүлөрдүн даярдалышын жүргүзгөн.

2010-жылы «Ачык ой-пикир” фонду Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоорунун адам укугу жана эркиндиги жөнүндөгү бөлүмүн иштеп чыгууга, ошону менен бирге мыйзамды жаңы жоболорго ылайык келтирүүгө катышкан. Алардын арасында төмөнкүдөй мыйзамдардын долбоорлору: бийлик органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү жөнүндө, чарбачылык жүргүзүп жаткан субъектилердин карамагындагы маалыматтарга жетүү жөнүндө, адам укуктары боюнча эл аралык органдардын чечимдерин аткаруу тартиби жөнүндө, дин тутуунун жана диний уюмдардын эркиндиги жөнүндө, тынч чогулуштар жөнүндө, ошондой эле адам укугун жана эркиндиктерин бузуу үчүн жоопкерчиликти аныктоочу жоболор жөнүндө.

«Ачык ой-пикир” фонду алдыңкы укук коргоочу уюмдардын өкүлдөрүн бириктирген Укук коргоочулардын кеңешине кирет. Кошумча маалыматтарды төмөнкүдөй интернет даректери боюнча табууга болот:

http://prava.kloop.kg
http://facebook.com/OpenViewpoint
http://OpenVP
OpenVP@gmail.com

К0403000000-11
ISBN 978-9967-26-533-2

УДК 322
ББК 86.3
К97

© «Ачык ой-пикир” коомдук фонду, 2011
© Дмитрий Кабак
© Алмаз Эсенгельдиев, 6-бөлүк

Ачык Ой - пикир фонду

# Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги: укуктук камсыздалышына жана тажрыйбасына серең салуу

Дмитрий Кабак, Алмаз Эсенгельдиев

2011-жылдын 29-ноябрындагы тегерек столдо айтылган пикирлерди эске алуу менен түзүлгөн

http://prava.kloop.kg
http://facebook.com/OpenViewpoint
http://OpenVP
OpenVP@gmail.com

Бул басылма ЕККУнун колдоосу аркылуу басылып чыккан

ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги борбору

Бишкек – 2011

**Колдонулган кыскартуулар жана аббревиатуралар**

| | |
|---|---|
| БУУ | - Бириккен улуттар уюму |
| БУУ АУЖКБ | - БУУнун Адам укугу боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы |
| БУУӨП | - БУУнун Өнүктүрүү Программасы |
| ДИАКБ | - Демократиялык институттар жана Адам укугу боюнча бюро |
| ДИМК | - Диний иштер боюнча мамлекеттик комиссия |
| ЕККУ | - Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ЖДК | - Жаңы диний кыймыл |
| ЖККУ | - Жамааттык коопсуздук жөнүндөгү келишим уюму |
| ЖМА | - Жергиликтүү мамлекеттик башкаруу |
| ЖМК | - Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ЖӨӨБ | - Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу |
| ИИМ | - Ички иштер министрлиги |
| КМДБ | - Кыргызстандын мусулмандарынын диний башкармалыгы |
| КМШ | - Кызматташ мамлекеттердин шериктештиги |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| КФ | - Коомдук фонд |
| КШУ | - Кызматташтыктын Шанхай уюму |
| ОПЧ | - Орус православие чиркөөсү |
| ССР | - Совет Социалисттик Республикасы |
| ТИМ | - Тышкы иштер министрлигинин |

# Мазмуну


Ыраазычылык билдирүү ....... 8

Сөз башы ....... 9

Серепти даярдоо учурунда өткөрүлгөн иш тууралуу ....... 10

1-бөлүк. Жалпы маалыматтар ....... 12

Кыргыз Республикасындагы тутулган диндер жана дин туткандардын диний бирикмелери ....... 12

Кыргыз Республикасынын аймагында диний агымдардын жана ишенимдердин жайылышынын негизги аймактары ....... 13

Диний уюмдарды жана диний окуу жайларын эсепке алуу каттоонун динамикасы ....... 14

Юстиция органдарынын юридикалык жактарды каттоо маалыматтарын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматы менен салыштыруу 15

Мусулман багытындагы диний уюмдар ....... 15

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы ....... 16

Башка мусулман бирикмелери ....... 17

Мусулман багытындагы уюмдарды эсепке алуу каттоосунун динамикасы ....... 17

Мусулман бирикмелери жана объектилерин эсепке алуу каттоосунун маалыматын талдоо ....... 19

Христиандык багыттагы диний уюмдар ....... 21

Буддизм ....... 22

Иудаизм ....... 22

Жаңы диний уюмдар жана ишенимдер ....... 22

Чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары ....... 23

2-бөлүк. Кыргыз Республикасынын дин жаатындагы мамлекеттик саясаты тууралуу ....... 24

3-бөлүк. Тажрыйбага сереп салуу жана алынган маалыматты талдоо ....... 25

Эсепке алуучу каттоодо маалыматтын ар кандай категорияларынын аралашып кетиши ....... 25

Юстиция органдарынын каттоо маалыматтарынын (юридикалык жактар) Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунан айырмасы ....... 25

Эсепке алуу каттоосунда колдонулган маалыматты жиктөө белгилери ....... 26

Диний уюмдардын жана агымдардын дин тутуучулук таандыктыгын аныктоо маселелери ....... 26

Мусулмандык: 26

Христианчылык: 27

Каттоодон баш тартуу, эсепке алуу каттоосун токтотуу тууралуу маалыматтар 27

Дин таануучулук экспертиза 28

Адам укуктарына тиешелүү дин тутуу эркиндиги маселелерин жана укукка каршы келген жоруктарды ажыратуу 28

Уюмдарды деструктивдик жана авторитардык деп таануу 29

Кыргыз Республикасынын аймагында уюмдарды экстремисттик жана террористтик деп таануу 29

Стереотиптер менен күрөшүү, динге ишенгендердин абалына өзүнүн терс таасирин тийгизген терроризм, экстремизм жана радикализм менен күрөшүүнүн кесепеттерин жоюу 30

Ажылыкты уюштуруу, жарандардын кызыкчылыктарын коргоо (өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары) 31

Улуттук жана диний таандыктыгын айырмалоо 31

Мамлекеттин ар кандай диний багыттардын бирикмелерине жана ишенимдерге нейтралитетин жана бирдей мамилесин сакташы 32

Бийлик органдарында каттоо, ишмердүүлүгүн узартуу жана токтотуу 32

Эсепке алуу каттоосу жана юридикалык жак катары каттоо 34

Кодулоо жана орунсуз тажрыйба учурлары 37

Бийлик органдарынын карамагындагы маалыматка жетки 37

Динге байланышкан маселелер боюнча иш алып барган кызматкерлердин ишбилгилигин жогорулатуу 38

Кыргызстандын тыюу салынган диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу маселелери боюнча эл аралык кызматташуусу, тыюу салуунун мыйзамдуулугун баалоо, тизмеге кошуу жана андан алып салуу тартиби 39

4-бөлүк. Диний чөйрөдө билим берүү 40

Жогорку диний (теологиялык) билим берүү 40

Жогорку теологиялык билим берүүгө кирбеген диний билим берүүчү мекемелер 41

5-бөлүк. Диний уюмдардын ишмердүүлүгү 43

Диний уюмдардын кызматкерлеринин билим алышы жана квалификациясын жогорулатышы 43

Жолдоочуларды тартуу 44

Диний уюмдардын каржылык туруктуулугу 45

Диний уюмдардын ишмердүүлүгү камтыган чөйрөлөр 45

Нике каттоо ....46

6-бөлүк. Алмаз Эсенгельдиев. Дин тутуу эркиндигин укуктук камсыздоого жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн тескөөгө сереп салуу ....47

Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигин жана диний уюмдарды укуктук тескөө ....47

Кыргызстандын дин тутуу эркиндиги боюнча эл аралык милдеттенмелери ....48

Дин тутуу эркиндигине укугунун кепилдиктери ....48

Динден тышкары/секулярдык мамлекет ....50

Атоолордун жана түшүнүктөрдүн мыйзамдык аныкталышы ....51

Диний ишмердүүлүк жана мамлекеттик каттоо....53

Диний багыттагы мүлк жана объектилер ....57

Никеге туруу жана ажыраштыруу диний ырым-жырымы ....57

Альтернативалуу (аскердик жана аскерден тышкары) кызмат өтөө ....58

Салык салуу жана диний уюмдардагы социалдык коргоо ....59

Көргө коюу укугу ....59

7-бөлүк. Дин тутуу эркиндигине укукту камсыздоо боюнча сунуштар ....60

1-тиркеме. «Дин тутуу жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамдын долбоору ....61

1-глава. Жалпы жоболор ....61

II-глава. Мамлекет жана диний уюмдар ....63

III-глава. Мамлекет жана диний билим берүү ....65

IV-глава. Диний уюмдар ....66

V-глава. Дин тутуу эркиндигине байланыштуу жарандардын жана диний уюмдардын укуктары ....68

VI-глава. Диний уюмдардын мүлктүк, эмгектик жана каржылык укуктук мамилелери ....70

VII -глава. Дин тутуунун эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын сакталышына көзөмөл жүргүзүү жана аны бузгандык үчүн каралган жоопкерчилик ....72

## Ыраазычылык билдирүү

«Ачык ой-пикир» коомдук фонду Бишкектеги ЕККУнун борборуна маалыматтарды чогултууга, дин тутууну камсыз кылуучу кырдаалдардын серебин түзүүгө мүмкүнчүлүк берген колдоо үчүн, Фридом Хауз уюмуна дин таануу маселелери боюнча кеңеш берүүнү колдогондугу үчүн ыраазычылык билдирет.

Бул изилдөөнүн негизинде Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын долбоорунун үстүндөгү иштин натыйжалары жатат. Жогоруда аталган иш Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Жумушчу тобу тарабынан каралган жана БУУӨП менен Европалык союздун биргелешкен долбоору – БУУнун ДИАУБ тарабынан колдоого алынган.

Изилдөөчүлөр тобу жана «Ачык ой-пикир” фондунун кызматкерлери – Дмитрий Кабак, Гүлшайыр Абдирасулова, Алмаз Эсенгелдиев маалыматтарды чогултууга, серепти даярдоого жардам берген бардык адамдарга: диний жана коомдук уюмдардын, академиялык институттардын, мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрүнө, дин жана дин тутуу эркиндиги маселелери боюнча эксперттерге ыраазычылык билдиришет. Серепти даярдоого кеңеш беришкендиги үчүн Галина Колодзинскаяга, Атыркүл Алишевага жана Лилия Дендеберовага өзгөчө ыраазычылык билдирүү менен авторлор таазим этишет.

Фонд кошумча төмөнкүдөй бийлик органдарына алардын ачыктыгы, кызматташтыкка даяр болгондугу үчүн ыраазычылык билдирет:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, тактап айтканда, Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттешүү бөлүмүнө;
- Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга;
- Юстиция министрлигине;
- Улуттук коопсуздуктун мамлекеттик комитетине;
- Билим берүү жана илим министрлигине.

Укуктук жөнгө салуунун аныкталган кемчиликтерин эске алуу менен уюм Жогорку Кеңештин төмөнкүдөй комитеттеринин депутаттарынан мыйзамдын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирилишин күтөт:

- Конституциялык мыйзам, мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча комитетинин депутаттарынан;
- Адам укугу, тең мүмкүнчүлүктөр жана коомдук бирикмелер боюнча комитетинин депутаттарынан;
- Билим берүү, илим, маданият, маалыматтык жана диний саясат боюнча комитетинин депутаттарынан;
- Коргонуу жана коопсуздук боюнча комитетинин депутаттарынан.

Объективдүү маалыматтардын негизинде жыйынтык чыгаруу үчүн дин тутуу эркиндигине байланыштуу кылмыштар үчүн кылмыш жазалоо практикасынын маселелери (Ички иштер министрлиги, прокуратура органдары, Соттук департамент), ошону менен бирге суроо-талаптарга карата жооптордогу так ачылбай калган маселелер изилденбей калды.

## Сөз башы

2010-жылы Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы конституциялык принциптерди жана адам укуктары менен эркиндиктеринин кепилдигин камсыз кылуу максатында ченемдик укуктук актылардын чоң массивин кайрадан карап чыгууну талап кылат. Бул жерде орун алган өзгөртүүлөр менен адам укугу жана эркиндиктери боюнча эл аралык милдеттенмелерди өлчөп көрүү маанилүү.

Конституциянын дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү жоболорунун өзгөрүлүшү менен бирге алардын турмушка ашырылышын прогрессивдүү укуктук ченемдер (нормалар) менен камсыздоо зарыл. Бийлик органдарынын компетенциясын так аныктоо жоопкерчилик жана адам укугун натыйжалуу коргоо маселелерин чечүүгө жардам берет. Мыйзам бузууларды алдын ала токтотуу жана алар менен натыйжалуу күрөшүү үчүн тыюу салуу жөнүндөгү жоболор Кылмыш-жаза кодексинде жана Административдик жоопкерчилик кодексинде да жазылышы керек, керек болсо – алардын кайрадан каралып чыгышы да зарыл. Мындай мамиле кылууда укуктук (юрисдикциялык) коргоонун тийиштүү механизми камсыздалат.

2010-жылы дин тутуу эркиндиги жоболору адамдын башка укуктары жана эркиндиктери менен бирге Кыргыз Республикасынын Конституциясында деталдуу жазылган. Конституциялык кеңешмеде, андан соң Юстиция министрлигине караштуу Жумушчу топто Кыргыз Республикасынын, дүйнөлүк коомчулуктун тажрыйбасы каралып чыгып, мамлекеттин эл аралык милдеттенмелери да эсепке алынган. Бул ишти эксперттер БУУӨП менен Европалык союздун биргелешкен долбоору болгон БУУнун АУЖКБ, ЕККУ/ДИАУБ жана башка шериктештердин колдоосу аркылуу өткөрүштү. Конституцияда биринчи жолу адамдын укуктары менен эркиндиктеринин универсалдуу тизмеси берилип, укуктарды чектөөгө карата мамиле кылуулар аныкталган.

2008-жылы “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү” мыйзамга диний уюмдардын ишмердүүлүгүн чектеген ченемдер киргизилген. 2010-жылы Конституциянын кабыл алынышы жаңы принциптердин камсыздалышын, дин тутуунун эркиндигин жөнгө салууда тийиштүү мамиле кылуулардын киргизилишин, алардын арасында коомдун ар түрдүүлүгүн эске алууну, мамлекеттин жарандык мүнөздө болушун, ар бир адамдын укуктарынын бирдейлигин, ошону менен бирге диний уюмдардын укуктук статусунун тең болушун талап кылат. Мыйзамдын ченемдеринде мамлекеттин түзүлүшү, дин тутуу эркиндиги, тыюу салуулар жөнүндөгү конституциялык жоболор өнүктүрүлүшү керек. Дин туткандардын жана алардын уюмдарынын укуктарын адамдын бардык укуктары менен эркиндиктерин эсепке алуу менен жазып чыгып, алардын камсыздалышына карата бийлик органдарынын компетенциясын аныктоо керек.

2010-жылы тийиштүү иштелмелер Юстиция министрлигинин Жумушчу тобунда тапшырылган, бирок аларды карап чыгуу иши токтоп калган. 2011-жылы «Ачык ой-пикир” фонду мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин Профилдик комитетине дин тутуу эркиндигин натыйжалуу камсыздоо сунушу түрүндө жөнөткөн. Иштелмелер диний уюмдар менен талкууланган, Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин катышуусу менен укуктук жана укук коргоо экспертизасы өткөрүлгөн.

Дин тутуу эркиндиги чөйрөсүндөгү кырдаалды изилдеп чыгуу максатында зарыл маалыматтар диний лидерлерин, бийлик органдарынын кызмат адамдарын сурамжылоого катыштыруу жолу менен чогултулган. Кырдаалдын серебинин негизинде дин тутуу чөйрөсүнүн, диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн укуктук жөнгө салынышын жакшыртуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Сереп адам укуктарынын жана эркиндиктеринин камсыздалышы жана коомдук көз карашты калыптандыруу милдеттери менен алектенген мыйзам чыгаруучулардын, аткаруучу бийлик органдардын, илимий институттар менен уюмдардын өкүлдөрүнүн көңүл чордонунда боло турган маселелелүү чөйрөлөр тууралуу түшүнүк бере алат.

## Серепти даярдоо учурунда өткөрүлгөн иш тууралуу

Ар түрдүүлүктү сыйлоо. Изилдөөгө ар башка диндерге ишенген көп жана аз сандуу коомчулуктар алынган, борбор калаадагы жана аймактарда иштеген уюмдардын өзгөчөлүгү иликтенген.

Изилдөө куралы. Сурамжылоо үчүн суроолордун тизмеси түзүлгөн. Сурамжылоо жарым-жартылай структураланган интервью түрүндө өткөрүлгөн. Суроолордун бир бөлүгү уюмдар, мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелер, диний уюмдардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен алардын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу тууралуу жалпы маалыматтарга арналган.

Изилдөөчүлөрдү саясий күчтөр тарабынан диний уюмдарды шайлоо компаниясына тартуу учурларынын орун алгандыгы, уюмдардын эл агартуу, билим берүү жана кайрымдуулук ишмердүүлүгү, социалдык жана жабык мекемелерде жүргүзүлгөн ишмердүүлүгү кызыктырган.

Диний уюмдарда туткан динине жараша расмий түрдө никеге туруу, куралдуу күчтөрдө кызмат өтөө, салык салуу өзгөчөлүктөрү, көргө коюу маселелерине карата мамилеси тууралуу суроолор коюлган. Дагы кошумча кызыктарган маселе – бул уюмдардын жалпыга маалымдоо каражаттарынын бар болушу жана алардын мамлекеттик жана жеке менчик жалпыга маалымдоо каражаттары менен болгон өз ара мамилелери.

Сурамжылоонун катышуучулары. Диний уюмдар тууралуу маалыматтарды, дин туткандардын жана алардын бирикмелеринин муктаждыктарын камсыздалышына таасирин тийгизген укуктук-ченемдик база тууралуу пикирлерди чогултуу үчүн, сурамжылоо Бишкекте жана Чүй областында, ОШ жана Жалал-Абад шаарлардында өктөрүлгөн. Сурамжылоого түрдүү багыттагы, мүчөлөрүнүн саны анча көп эмес жана көп сандуу диний уюмдар катыштырылган.

Дин тутуу эркиндиги маселесине тиешелүү талаштарды издеп табуу үчүн, укуктук жардам берүүчү борборлордон жана дагы кошумча KelKel, Birge, Hr-Kyrgyzstan аттуу популярдуу таратуу тизмелери аркылуу маалыматтар суралган. Пикирлердин саны анча көп болгон жок, маалыматтын көп бөлүгү жеке жолугушуулар учурунда алынды. Дин тутуу эркиндигине байланыштуу маалыматтар Кыргызстан боюнча издеп табуу системаларынын жардамы менен аткарылды.

Коомдук байкоо кеңешинин бир нече мүчөсү консультация беришти (алардын арасында Кыргыз улуттук университетинин, Кыргызстан-Россия Славян университетинин окутуучулары, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын иштеп жаткан жана мурунку кызматкерлери).

Иштеген аянтын эске алып, уюмдардын өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүк алуу үчүн 2011-жылдын октябрь айында изилдөөчүлөр Ош жана Жалал-Абад шаарларына сапарга чыгып, ал жерден сурамжылоо өткөрүштү. Изилдөөгө диний коомчулуктардын териштирүүлөрүн алууга туура келди (ишмердүүлүгүнө тыюу салынган «Хизб ут-Тахрир» партиясына кирет деп айыпталган «Иегованын күбөлөрү» уюмунун мүчөлөрү катышкан териштирүүлөр, «Благодать (Жыргалчылык)» аттуу Евангелие-Христиан-Миссионердин Борборуна тиешелүү Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын чечимине карата арыздануу).

Бийлик органдарынан маалымат алууга карата суроо-талаптар. Бийлик органдарынан маалымат алуу үчүн 16 суроо-талап жиберилген, бул басылма даярдалып жаткан учурда алардын он экисине жооп алынды. Бир суроо-талап боюнча маалымат берүүдөн баш тартуу орун алды, анткени мыйзам тарабынан Юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине жиберилген суроо-талап үчүн төлөм каралган. Төрт суроо-талап жоопсуз калды. Генералдык прокуратура бир суроо-талапка жооп бере алган жок, анткени анын архиви 2010-жылдын 7-апрели күнү өрттөнүп кеткен. Ал суроо талап ИИМдин Маалыматтык-аналитикалык борборуна жиберилген. Юстиция министрлиги

маалыматтар областтык юстиция башкармалыктарында чогултулушу керек экендигин түшүндүрүп, кошумча убакыт сурады.

Тапшырылган маалыматтарда керектүү жооптордун айрымдары гана камтылды. Эки суроо-талапты кайрадан жөнөтүүгө туура келди, анткени биринде жооп берүү мөөнөтү өтүп кетти, экинчисинде маалыматтарды тактоо зарылдыгы пайда болду. Кайрадан жөнөтүлгөн суроо-талаптардын бирине жооп келди. Маалыматтардын бир бөлүгү жеке кайрылуунун жана башка бийлик органдарынын кийлигишүүсүнүн натыйжасында алынды. Суроо-талаптарга берилген жооптордо кызыктырган маалыматтардын жоктугу айрым тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берген жок. Суроо-талаптар менен иштөө бийлик органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү укугун турмушка ашыруу боюнча кепилдиктин аткарылышынын абалын көрсөттү.

<u>Ош шаарындагы тегерек стол.</u> 2011-жылдын 20-октябрында Ош шаарында дин тутуу эркиндигинин укуктук камсыздалышы жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу маселелери талкууга алынган тегерек стол болуп өттү. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболору каралып, укуктук базаны өркүндөтүү маселелери талкууланды. Катышуучуларга мыйзамды Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыкташтырып иштеп чыгуу боюнча иштин (долбоор 2010-жылы Юстиция министрлигинин Жумушчу тобу тарабынан каралып чыккан жана айрым өзгөртүүлөрдөн кийин Өкмөткө кароого жиберилген) чегинде дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын долбоору (1-тиркемени караңыз) берилди.

Тегерек столдун ишине катышуу үчүн сурамжылоого катышкан диний уюмдардын өкүлдөрү, Ош мамлекеттик университетинин Теология факультетинин окутуучулары, бийлик органдарынын – Түштүк аймак боюнча Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын, Акыйкатчыгын Ош шаары жана Ош областы боюнча өкүлчүлүгүнүн, Ош областы боюнча Ички иштер башкармалыгынын, Ош областынын прокуратурасынын кызматкерлери, Түштүк аймак боюнча Президенттин өкүлү чакырылышты.

<u>Дин тутуу эркиндигинин укуктук камсыздалышын жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн жөнгө салынышын өркүндөтүүгө көмөктөшүү.</u> Мыйзамды Конституцияга ылайыкташтыруу үчүн 2010-жылы иштелип чыккан Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын долбоору бул иштин жүрүшүндө Жогорку Кеңештин алты комитетине тапшырылды (пикирлер үчөөнөн келди), парламенттин аппаратынын эки бөлүмүнүн кызматкерлери менен жолугушуулар өткөрүлдү.


Буга чейин мыйзамдын долбоору Юстиция министрлигинин алдындагы Жумушчу топ тарабынан каралган, бирок Өкмөт тарабынан Жогорку Кеңештин кароосуна тапшырылган эмес. Мыйзамдын долбоору Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан укуктук жана укук коргоо экспертиза өткөрүү үчүн пайдалануучу материал катары колдонулду. Мыйзамдын долбоорун иштеп чыгууга 2010-жылы улуттук жана эл аралык эксперттер тартылды. Алардын арасында мурда Дин тутуу эркиндиги боюнча ЕККУ/ДИАУБ эксперттер тобунун мүчөсү болгон Роман Подопригора, аны менен бирге Алмаз Эсенгельдиев жана Дмитрий Кабак да иштешти. Мыйзамдын үстүндө иштөөнү 2010-жылы БУУнун АУЖКБ жана БУУӨП менен Европалык Союздун конституциялык реформаларга көмөктөшүү боюнча биргелешкен долбоору колдоп беришти.

# 1-бөлүк. Жалпы маалыматтар

## *Кыргыз Республикасындагы тутулган диндер жана дин туткандардын диний бирикмелери*

Кыргыз Республикасында эсепке алуу каттоосунан төмөнкүдөй багыттагы диний бирикмелер менен уюмдар өткөрүлдү[1]: ***Ислам*** (Кыргызстандын мусулмандарынын диний башкармалыгы, анын областтык казыяттары, башка ислам бирикмелери менен уюмдары), ***Христианчылык*** (православиени туткандар, католиктер, баптисттер, жетинчи күндүн христиан-адвентисттери, элүүнчү жылкылар, лютерандар, пресвитериандар, харизматтар, чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары, протестанттык багыттагы жетиштүү номинацияланбаган уюмдар, Иегованын күбөлөрү), ***Иудаизм, Буддизм,*** ошондой эле жаңы диний агымдар менен ишенимдерге кирген бирикмелер[2] – Бахаи, Бириктирилген методисттик чиркөө (методизм)[3], Саентологиялык чиркөө.

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан колдонулуучу диний агымдар менен ишенимдердин жиктелиши (классификациясы) Серептин 1- жана 3-бөлүмүндө каралып чыккан. Жиктөөнүн практикалык колдонулушу Бийлик органдарынын ишмердүүлүгүндө өзгөчө мааниге ээ.




[1] Диний иштер боюнча Мамлекеттик комиссиянын маалыматтары (2011-жылдын 12-августундагы №02-16/604), ошондой эле Президенттин Аппаратынын Этностук диний саясат жана жарандык коом менен өз ара мамилелешүү бөлүмүнүн көмөктөшүүсү аркылуу алынган тактоолор (2011-жылдын 14-октябрындагы №10-73-11013).

[2] Эксперттер менен жүргүзүлгөн сурамжылоодон алынган маалымат: Диний иштер боюнча Мамлекеттик комиссия тарабынан бул тизмеде белгиленген жетиштүү номинацияланбаган чиркөөлөр евангелисттик болуп эсептелет, айрым бөлүгү миссионердик кампанияларга карайт (мисалы, «Жашоо сөзү» деп аталган бардык чиркөөлөр – булардын бардыгы тең бир миссионердик кампаниянын бөлүктөрү)


[3] Бириктирилген методисттик чиркөөнү жаңы диний агымдар менен ишенимдерге каратуу тактоолорду талап кылат, анткени ал протестантизмге карайт, таат-ийбадаты боюнча Католик жана Лютеран чиркөөлөрүнө жакындап кетет. Бул чиркөө Англияда дин туткандардын саны боюнча экинчи орунда.


Келтирилген диаграммалар Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын диний уюмдардын, алардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) саны, ошондой эле диний ырасым объектилеринин саны жөнүндө маалыматты бириктирген эсепке алуу каттоо маалыматтарынын негизинде курулган.


## *Кыргыз Республикасынын аймагында диний агымдардын жана ишенимдердин жайылышынын негизги аймактары*


Төмөндөгү диаграммалар Кыргыз Республикасынын аймагында диний агымдардын жана ишенимдердин жайылышынын негизги аймактарын көз алдыга тартат. Бул диаграммалардын негизинде диний уюмдарды жана диний ырасым объектилерин эсепке алуу каттоосу жөнүндө маалымат жатат, бул жарандардын кайсы бир динге таандыктыгынын объективдүү абалын чагылдырбайт. Ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 18-беренесине ылайык[4] атеисттик көз караш дин тутуу эркиндигинин курамындагы бир бөлүк катары каралларын да айта кетиш керек. Бирок бул изилдөөдө атеисттик көз караштар каралбайт.

Эсепке алуу каттоосунун маалыматтары айрым диний багыттардын уюмдары жана диний ырасым объектилери басымдуулук кылган аймактар жөнүндө түшүнүк берет.

















---

[4] Кыргыз Республикасы Пактыга 1994-жылдын 7-октябрында кошулган, жана ал Кыргыз Республикасы үчүн 1995-жылдын 7-январында күчүнө кирген.









Юстиция органдарынын маалыматтары жок болгонуна байланыштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунун маалыматын объектилердин белгилүү юридикалык жактарга (уюмдарга) таандыктыгы боюнча салыштырып көрүү мүмкүн эмес болуп жатат.

## *Диний уюмдарды жана диний окуу жайларын эсепке алуу каттоонун динамикасы*

Төмөндөгү диаграммалар диний уюмдар жана диний окуу жайлары жөнүндө маалыматты бириктирген ар кандай конфессиялардын диний объектилерин эсепке алуу каттоосунун динамикасын көрсөтөт. Мусулман багытындагы объектилердин ичинен эсепке алуу каттоосунун эң көп болгону 1999-2000-жылдарга (449 жана 374 объект) жана 2004-жылга (591 объект) туура келген.




Христиандык (тарса) багыттагы уюмдарда 2000-жылга чейин диний объектилерди эсепке алуу каттоосунун төмөндөө динамикасы байкалып жаткан (1996-жылы – 6 учурга чейин), 2001-жылы көтөрүлгөндөн баштап (40 объект), 2002 – 2006-жылдары жаңы объектилерди каттоонун туруктуу динамикасы (эң чоң мааниси 26 жана эң кичинеси – 20нын ортосунда термелип) сакталды.




Жаңы диний агымдардын ичинен динамиканын өсүшү 1998-жылга туура келген (10 уюм катталган), андан кийин 2000-жана 2001-жылдарда бир уюмдан өсүш байкалган (тиешелүү түрдө 12 жана 13 уюм болду). Андан ары алты жыл ичинде (2001 – 2007-жылдар) жаңы объектилерди каттоо жүргүзүлгөн эмес. 2008-жылы дагы бир уюм катталган (жалпы саны 14 болуп калды). Өтө аз санда болгонуна байланыштуу диаграммада иудей, буддизм багыттарындагы, ошондой эле жаңы диний агымдарга жана ишенимдерге тиешелүү объектилерди каттоо көрүнбөйт

## Юстиция органдарынын юридикалык жактарды каттоо маалыматтарын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматы менен салыштыруу

Юридикалык жактарды каттоонун маалыматтарын эсепке алуу каттоосунун маалыматтары менен салыштыруу 2008-жылдын 31-декабрынан[5] 2011-жылдын августуна чейин гана мүмкүн: юстиция органдары юридикалык жактын макамына ээ 28 диний уюм каттаган[6]. Бул мезгил ичинде эсепке алуу каттоосунан мусулман багытындагы 135 объект жана христиан (православ) багытындагы 3 объект өткөн[7]. Катталган мечиттердин (112) санын эске албаганда мусулман багытындагы башка объектилердин саны (мусулман жогорку окуу жайлары, медресе, башка мусулман уюмдары) 23, ал эми христиан (православ) багытындагы – үч. Ошону менен 28 катталган юридикалык жак эсепке алуу каттоосунун 26 объектисине туура келди. Ошентип, жаңы мыйзамды кабыл алгандан кийин мусулман жана православие багытындагы уюмдар гана катталган.

## Мусулман багытындагы диний уюмдар

Дүйнөлүк деңгээлде мусулман уюмдарында иерархия жана бирдиктүү түзүлүш жок, айрым учурларда бул мамлекеттик деңгээлде болушу мүмкүн. Бул жагдайды диний уюмдардын жана өзгөчө жарандык укуктагы юридикалык жактар (уюмдар) менен байланышкан ишмердүүлүктү укуктук тескөө маселелерин кароодо эске алуу зарыл.

[5] «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР мыйзамы кабыл алынгандан баштап.

[6] Юстиция министрлигинин (№03-6/6992 04.08.2011-ж.) жообунан.

[7] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалыматынын негизинде Улуттук, диний саясат жана жарандык коом менен иштешүү бөлүмүнүн (№10-73-11013 14.10.2011-ж) жообунан.

Кыргызстанда мусулман багытындагы уюмдар Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы жана башка мусулман бирикмелери менен берилген[8]. Азыркы мезгилге чейин мечит жана диний окуу жайларын конфессия ичиндеги белгиси боюнча демаркациялоо маалыматы жок.

## *Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы*

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы (мындан ары – КМДБ) – Кыргыз Республикасындагы мусулмандарынын эң ири бирикмеси, анын Бишкекте борбордук аппараты жана дубандардын жана Бишкек жана Ош дубандык маанидеги шаарлардын деңгээлинде иш алып барган жана диний жетекчилер – казылар менен башкарылган чөлкөмдүк өкүлчүлүктөрү – казылыктар[9] бар. Райондордун деңгээлиндеги башчылар – имам-катыптар. Ар бир мечитти имам башкарат.




<u>Муфтийдин аппаратынын уюштуруу түзүлүшү</u>

1. Муфтий
2. Муфтийдин орун басарлары
3. Бөлүм башчылары
    a. Катчылык
    b. Окуу жайлары бөлүм
    c. Мечиттер бөлүмү
    d. Дават бөлүмү
    e. Юридикалык бөлүм
    f. Диний агымдар бөлүмү
    g. Пресс-кызмат
        i. гезит
        ii. сайт
    h. Бухгалтерия

КМДБнын төмөнкү башкаруу органдары бар[10]: 1) Курултай (жалпы чогулуш), беш жылда бир чакырылат, 2) Уламалар Кеңеши, 25-30 чөлкөмдүк өкүлдөн куралат, 3) Муфтият – Уламалар Кеңеши шайлаган Муфтий тарабынан башкарылат. Муфтийдин орун басарлары, кеңешчиси бар. Муфтияттын аппаратындагы бөлүмдөрдү бөлүм башчылары жетектейт. Ажылыкка барууну уюштуруу үчүн жыл сайын Республикалык штаб түзүлчү. 2011-жылы бул иш милдети атайын түзүлгөн юридикалык жак – «Ажылык жана умра борбору» мекемесине жүктөлдү[11].

---

[8] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсептик каттоо маалыматынан.

[9] Казыга баш ийген диний башкармалык.

[10] Мурда Кыргызстан мусулмандарынын муфтийинин кеңешчиси болгон, азыр Дунгандардын коомдук бирикмелеринин “Фанчин” кеңешинин төрагасы Юсур Лома менен маектен.

[11] Жогорку Кеңештин сайтын, Комитеттин отурумун көрүңүздөр (кыскартылган шилтеме) http://is.gd/gynTsH

### *Башка мусулман бирикмелери*


Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматында “башка мусулман бирикмелеринин” тобуна киргизилген уюмдар Кыргызстан Мусулмандарынын диний башкармалыгына тиешелүү эмес, өздөрүнүн жеке башкаруу органдарына ээ, алардын чөлкөмдүк өкүлчүлүгү колдо болгон мүмкүнчүлүктөр менен аныкталат. Берилген маалыматта бул топко кирген уюмдардын тизмеси жок.

### *Мусулман багытындагы уюмдарды эсепке алуу каттоосунун динамикасы*


1997-жылдан 2003-жылга чейин Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын дубандык казылыктарынын калыптанышы үч баскычта өттү: экөө 1997-жылы, экөө 1999-жылы жана бирөө 2000-жылы, андан соң төртөө – 2003-жылы. Мусулман уюмдарын эсепке алуучу каттоонун өсүшүнө негизги таасирди мечиттердин санынын көбөйүшү көрсөткөн – эн көп болгону 1999-жылы (437 объект) жана 2000-жылы (367 объект). 2003-жылы 120 мечит жана 2005-жылы 21 мечитке салыштырганда андан кийинки олуттуу өсүү 2004-жылга туура келген (471 мечит). 2009-жылы дагы бир серпилүү болгон: 76 мечит.




Эсепке алуу каттоосунан өткөн башка объектилердин саны мечиттердин санына карата анча айырмасы жок: медреселер (эң чоң өсүш - 2004-жылы 12 объект) жана башка мусулман бирикмелери жана уюмдары (эң чоң өсүш - 2003 жана 2004-жылдары: жылына сегизден объект).




Диаграммада Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын борбордук башкаруу органынын жана чөлкөмдүк өкүлчүлүктөрүнүн жайгашышы тууралуу маалымат берилген.




Башка мусулман бирикмелери жана уюмдары тууралуу маалымат диний уюмдардын, алардын чөлкөмдүк өкүлчүлүктөрүнүн жана диний ырасым объектилеринин саны жөнүндө маалыматты жалпылайт. Бул маалымат алардын юридикалык жактарга тиешелүүлүгүн эске алуу менен


караганда, ошондой эле мечит жана диний мекемелерди конфессия ичиндеги белгилери боюнча демаркациялаганда башкача түргө ээ болот[12].

Юстиция органдарынын маалыматтары жок болгонуна байланыштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматын объектилердин белгилүү юридикалык жактарга (уюмдарга) таандыктыгы боюнча салыштырып көрүү мүмкүн эмес болуп жатат.

## *Мусулман бирикмелери жана объектилерин эсепке алуу каттоосунун маалыматын талдоо*

Мусулман багытындагы бирикмелердин жана мекемелердин эсепке алуу каттоосунун маалыматтары тактоого муктаж. Алар өз алдынча юридикалык жактар, алардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү), ошондой эле уюм эмес, дин тутуу ишмердүүлүгүн турмушка ашыруу жайы катары кызмат кылган мечиттер тууралуу маалыматтарды бириктирип турат.


Бири-бирине каршы келген ченемдерди четтетүүгө багытталган мыйзамдарды өркүндөтүү, бийлик органдарынын жана диний бирикмелердин иштешүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн маселелери боюнча бийлик органдарынын кызматкерлери үчүн билим берүү иштерин жүргүзүү Конституциядагы кепилдиктерди тиешелүү түрдө камсыз кылууга көмөк көрсөтүшү, ченемдердин карама-каршы түшүнүлүшүнө жана булардан келип чыккан тажрыйбанын жетишсиздигине жол бербеши керек.





Эсепке алуу каттоосунун маалыматында көбүнчө мечиттердин алдында иш алып барган медреселер[13] тууралуу маалымат бөлүнүп көрсөтүлгөн. Бул өзгөчөлүктү эсепке алуу каттоону өркүндөтүү жана диний уюмдар жана диний билим берүү жөнүндө мыйзамдарды өнүктүрүү маселелерин кароодо эске алуу зарыл.

[12] Кыргызстандагы жаңы мусулмандык агымдардын жана ишенимдердин катарына булар кирет: Ахмадие мусулман коому (дагы бир аты – Кадиани), ошондой эле, мүмкүн, Россияда бар болгон Субуд агымы. Дүйнөдө ошондой эле Кара мусулманчылык/ислам жана Мавроамерикалык илимий храм белгилүү.

[13] Эреже катары, медреселер диний билим берүү жайлары деп каралбастан, руханий тарбиялоо чөйрөсүнө киргизилет.





Юстиция органдарынын маалыматтары жок болгонуна байланыштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунун маалыматын конфессиянын ичиндеги таандыктыгы жана ошондой эле объектилердин белгилүү юридикалык жактарга (уюмдарга) таандыктыгы боюнча салыштырып көрүү мүмкүн эмес болуп жатат.





Эсепке алуу каттоосунун маалыматтарында камтылган мусулмандык окуу жайлары тууралуу маалымат диний билим берүү жана диний уюмдардын кызматкерлерин даярдоо тууралуу тиешелүү бөлүмдө каралат. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия (мындан ары – ДИМК) диний (теологиялык) гана билим берүүчү окуу уюмдарын эсептик каттоону жүргүзөт. Дин таануу окутулуучу жогорку окуу жайлары секулярдык/динден тышкары болуп саналат, алар эсепке алуу каттоосуна турушпайт.

## *Христиандык багыттагы диний уюмдар*

Христиандык багыттагы уюмдар дин таанууга мамилеси айырмаланышы мүмкүн болгон диний бирикмелердин кеңири катары менен берилген. Төмөндөгү диаграмма христиандык диний уюмдардын жана Кудайга кызмат кылуу, окутуу, диний тажрыйба жана жөрөлгөлөрдү аткаруу ж.у.с. үчүн колдонулуучу объектилердин эсепке алуу каттоосунун маалыматтарын көз алдыга тартат.




Христиандык багыттагы уюмдар эсепке алуу каттоосунун маалыматтарында төмөнкү уюмдар менен берилген: Православие (Орус православие чиркөөсү, эски жөрөлгөлөр коому, байыркы православие христиан-поморецтер коому); Католицизм (Римдик-католик чиркөөсү); Протестантизм (баптисттер, лютерандар, элүүнчү жылкылар, реформаторлор, жетинчи күндүн христиан-адвентисттери, методисттер, пресвитериандар, харизматтар); Иегова күбөлөрү. Эсепке алуу каттоосунун маалыматтарында дин тутуу таандыктыгын жиктөөдө колдонууга мүмкүн болбогон “протестанттык багыттагы аталышы аныкталып бүтпөгөн уюм” жана “чет өлкөлүк конфессиянын миссиясы” сыяктуу терминдер жолугат.




Христиандык уюмдардын арасынан ааламдык деңгээлдеги иерархия православие жана католик диний уюмдардын арасында бар болушу керек. Көбүнчө, эркин чиркөөлөр түзүлгөндөн башка учурларда иерархия жергиликтүү деңгээлде болот. Бул өзгөчөлүктү түшүнүү диний уюмдарды юридикалык жактар катары түзүү, кайра уюштуруу жана жоюуну тескөөчү укуктук ченемдерди иштеп чыгуу жана башкаруу органдарын дайындоо үчүн өзгөчө мааниге ээ.

## *Буддизм*

Буддисттик коом Кыргызстанда жападан-жалгыз уюм – Бишкекте катталган «Чамсен» диний буддисттик коом менен берилген.

## *Иудаизм*

Иудаизм Бишкектеги Еврей диний коому менен берилген.

## *Жаңы диний уюмдар жана ишенимдер*[14]

Бахаи[15] – 12 коому бар (Кыргыз Республикасынын коому, Бишкек, Кара-Балта, Кант, Каракол, Балыкчы, Ош, Кызыл-Кыя, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр, Талас шаарларында, ошондой эле Кочкор айылында).

Мессиа еврей коому «Бейт Иешуа»[16] – 1 коом, Бишкекте катталган.

«Конкордия» лютеран чиркөөсү[17] – 1 коом, Бишкекте катталган.

---


[14] Бул тизмеде мурда Бишкекте катталган, бирок Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсептик каттоосу токтотула турган Ахмадие мусулман коому көрсөтүлгөн эмес.

[15] Дин таанууда Исламдан чыккандарга киргизилет.

[16] Иудей-мессиа кыймылы, Христиан динине кирет.

[17] Чет өлкөлүк конфессиянын миссиясы макамына ээ.

Сайентологиялык чиркөө, сайентология окуусу[18] – 1 коом, Бишкекте катталган.




## *Чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары[19]*

Эсепке алуу каттоосунун маалыматтарында белгиленген чет өлкөлүк конфессиялардын миссияларынын өкүлдөрү булар:

- христиандык багыт (жаңы элчи христиандары: 2 коом – Бишкекте жана Кара-Балтада) жана 1 уюм «Орто Азиядагы Трансдүйнө радиолору» (Бишкек)[20].

- протестанттык багыт – Бишкек (13 коом), Чүй дубаны (5 коом), Ош дубаны (1 коом).

[18] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалыматынан: борбору АКШдагы Лос-Анжелес шаарында, дүйнөдө диний уюм деген расмий макамга ээ эмес.

[19] Ошондой эле чет өлкөлүк конфессиянын миссиясы макамында «Бейт Иешуа» мессиа еврей коому да иш алып барат, ДИМК аны «диндеги башка багыттарга» киргизет.

[20] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалыматында «христиандык багыттагы чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары» категориясында жайгаштырылган, бирок аталышы боюнча ЖМКга да киргизсе болот (ишмердүүлүк түрү).

## 2-бөлүк. Кыргыз Республикасынын дин жаатындагы мамлекеттик саясаты тууралуу

Дин жаатындагы мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы конституциялык түзүлүштүн негиздеринде жазылган: эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес, дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган, диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат[21].

Диний негиздеги партияларды түзүүгө жана диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынат[22]. иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн диний бирикмелердин иштешине[23], ошондой эле диний жек көрүүчүлүктү, социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат[24].

Конституция дин тутуу эркиндигинин универсал аныктамасын камтыйт[25], ошондой эле дин тутуу эркиндиги боюнча укуктарды чектөөгө мамилелерди тескейт[26]. Бул өз оюн, диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоого тыюу салууга, ошондой эле ар ким диний жана башка ынанымдарды тандоо жана аларга ээ болуу укугуна ээ экенине тиешелүү.

Ар бир адам бул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынган аракеттер менен ишмердүүлүктөн тышкары (Конституциянын 18-беренеси) бардык аракеттерди жана ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга укуктуу. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинен (Конституциянын 5-беренесинин 3-бөлүгү) чыга алышпайт.

Конституциядагы жоболор башка ченемдик укуктук актыларда чечмелеп берүүнү талап кылат – Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө мыйзамда, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия жөнүндө, Дин тутуу эркиндигин колдонууга тоскоол болуу үчүн жоопкерчилик жөнүндө жободо. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө мыйзамды талдоо (эск. – 6-бөлүмдү караңыз) дин тутуу эркиндигин укуктук камсыз кылуунун, дин жаатындагы коомдук мамилелерди тескөөнүн, теңдикти камсыз кылуунун кемчиликтери, бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын кайра карап чыгуу зарылдыгы жөнүндө айтып турат.

Дин тутуу эркиндигин камсыз кылууга бийлик органдарынын кызматкерлерин дин таануу, адам укуктары жана эркиндиктери маселелери боюнча окутуу өбөлгө болот. Стереотиптер менен күрөшүү, жол берүүчүлүктү көтөрүү жана мамлекеттик саясатты түшүнүүгө коомдун жана тутунган диндердин көп түрдүүлүгү жөнүндө сабатын ачуу жардам берет. Бул сыяктуу ишмердүүлүк мамлекеттүүлүктү, бийлик органдарына жана алардын кызматкерлерине ишенимди бекемдөөгө, дүйнөгө көз караштын калыптанышына, укукка каршы максаттарга динди колдонгон уюмдарга сын көз караштарбиялоого оң таасир тийгизет.

---

[21] 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренеси.

[22] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пункту.

[23] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пункту.

[24] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын31-беренесинин 4-пункту.

[25] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренеси.

[26] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренеси.

## 3-бөлүк. Тажрыйбага сереп салуу жана алынган маалыматты талдоо

### *Эсепке алуучу каттоодо маалыматтын ар кандай категорияларынын аралашып кетиши*

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматына бир эле мезгилде юридикалык жактар, алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү, диний окуу жайлары, ошондой эле диний максаттагы объектилер (мечиттер, чиркөөлөр, сыйынуу үйлөрү)[27] киргизилген. Буга байланыштуу «диний бирикме» (конфессия же диний агым), «диний билим берүү жайы» (медресе, семинария, теологиялык университет) жана «диний объект» (чиркөө, мечит, намазкана, анын ичинде муниципалдык жайларда ачылган) түшүнүктөрүн ажыратуу керек.

### *Юстиция органдарынын каттоо маалыматтарынын (юридикалык жактар) Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунан айырмасы*

Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунан өткөн 440 юридикалык жак катталган. Алардын арасында – диний уюмдар, ошондой эле башка уюштуруучулук-укуктук түрдө катталган уюмдар[28]. Юстиция министрлиги алып барган Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрүнүн) бирдиктүү мамлекеттик реестринде 339 диний уюм катталып, алардын экөө ишин токтоткон[29].

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматы башкача берилген. Аларда диний уюмдар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө да, окуу жайлары (аларга медресе жана жекшемби күнкү мектептер да кирет) жөнүндө да маалымат берилет [30]. Эсепке алуу каттоонун маалыматтарына диний уюмдары колдонгон, бирок юридикалык жактар – уюмдар болуп саналбаган объектилер да киргизилген. Бул Юстиция министрлиги менен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоо маалыматынын айырмасын түшүндүрөт (339 юридикалык жак жана эсепке алуучу каттоодон өткөн 2299 объект).

---

[27] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын жообунда (№02-16,604 02.02.2011-ж.) ислам багытындагы билим берүү мекемелеринин саны тууралуу маалымат келтирилет. Башка багыттардагы диний уюмдардын билим берүү мекемелеринин аталыштары жана жайгашкан жерлери тууралуу маалыматтын чечмелениши жок.

[28] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсептик каттоо жөнүндө маалыматы «борборлор» (мүмкүн, билим берүү мекемелери), «фонддор», «бирикмелер», (жалпы диний жана изилдөөчүлүк мүнөздөгү ишмердүүлүк алып баруучу) категорияларына бөлүнгөн. Кыязы, сөз «коомдук бирикмелер» (мүчөлүк уюм катары), «фонд» (мүчөлүгү жок уюм) түшүнүктөрү жөнүндө болгон.

[29] 2011-жылдын 4-октябрына карата. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги берген маалымат боюнча.

[30] 2011-жылдын 2-августу жана 14-октябрындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын жоопторунан.

## *Эсепке алуу каттоосунда колдонулган маалыматты жиктөө белгилери*

Эсепке алуу каттоосунун маалыматын талдоодо объектилерди жиктөө үчүн колдонулуучу төмөнкү категорияларды бөлүп көрсөтсө болот[31]:

1) чет өлкөлүк миссиялар (колдо болгон маалыматтардан бул категорияда миссионерлердин, ошондой эле чет өлкөлүк бирикмелердин катышуусу менен негизделген жана алар менен укуктук байланышын сактап калган уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат топтолгон деген тыянак келип чыгат).

2) диний бирикмелер (колдо болгон маалыматтардан буларга коммерциялык эмес мекемелердин башка түрлөрүндө катталган уюмдар (коомдук бирикмелер, коомдук фонддор), анын ичинде мүчөлүк уюмдар (диний уюмдар, коомдук бирикме) жана мүчөлүгү жок уюмдар (фонд, мекеме) да киргизилет деген тыянак келип чыгат)[32].

3) руханий билим берүүчү мекемелер (бул категорияга юридикалык жак уюштурбастан жүргүзүлүүчү тарбия берүүчү мүнөздөгү ишмердүүлүк киргизилет (медресе, жекшемби күнкү мектептер), ошондой эле билим берүүчү мекемелер (айрым юридикалык жактар); маалыматта билим деңгээли боюнча жиктөөнүн белгилери байкалат (эң ачык мисал катары жогорку окуу жайларын алса болот).

4) ырасым же жөрөлгөлүк ишмердүүлүк объектилери (мечиттер, чиркөөлөр, приходдор, ошондой эле монастырлар)[33].

## *Диний уюмдардын жана агымдардын дин тутуучулук таандыктыгын аныктоо маселелери*

Маалыматтарды чогултуу учурунда Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия эсепке алууга катталып жаткан уюмдардын тигил же бул конфессиялык таандыгын аныктоо үчүн колдонгон жиктөөчү тууралуу маалымат алуу мүмкүн эмес болду[34].

## *Мусулмандык[35]:*

- Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы жана дубандык казылыктар (суннизм, ханафит мазхабы),
- «Таблигий Жамаат» диний кыймылы,
- шийит мечити,
- мусулмандык кайрымдуулук корлор.

---

[31] №02-16/604 2011-жылдын 2-августундагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын жообу.

[32] №02-16/604 2011-жылдын 2-августундагы жоопту караңыз.

[33] Маалыматта «ага-инилик (эже-сиңдилик)» түшүнүгү да колдонулат.

[34] Бул материал дин таануу маселелери боюнча иш алып барган жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия менен кызматташкан адистердин пикирлеринин негизинде түзүлгөн.

[35] Кыргызстандын түштүгүндө XVI кылымдан бери ханафит мазхабындагы суннит мусулманчылыгы таралган, ал эми түндүгүндө суфий мусулманчылыгы жарым-жартылай таралып, кыргыздардын буга чейинки ишенимдери, ошондой эле көз карандысыздык жылдарында чет өлкөлүк мусулмандык теологиялык жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү жана бир катар мусулман кайрымдуулук уюмдары алып келген ислам окуулары менен аралашып кеткен.

### *Христианчылык:*

- православие (Орус православие чиркөөсү, эски жөрөлгө коому, байыркы православие христиан-поморецтер коому),
- католицизм (Рим Католик миссиясы),
- протестантизм (баптизм, элүүнчү жылкылар, лютеран чиркөөсү, реформаторлук чиркөө, жетинчи күн адвентизми[36]), методизм, пресвитериан чиркөөлөрү, харизмат чиркөөлөрү, Иегова күбөлөрү

**Иудаизм:** ортодоксал
**Буддизм:** махаяна багыты
**Жаңы диний кыймылдар (ЖДК)[37]:**

- Бахаи (Мусулманчылыкта пайда болуп, кийин толук бөлүнүп кеткен),
- Сайентологиялык чиркөө.

Эсепке алуу каттоосунун жол-жобосу арыз берип жаткан уюмдардын өздөрүнүн дин тутуу таандыктыгын көрсөтүшүн талап кылат. Каттоодон өтүүгө жиктөөчүдө кайсы бир багыттардын бар же жок экени кандайча таасир этет деген суроо тактоону талап кылат.

## *Каттоодон баш тартуу, эсепке алуу каттоосун токтотуу тууралуу маалыматтар*

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия эсепке алуу каттоосунан, кайра каттоодон өтө албаган, каттоосу тиешелүү чечимге негиздөөнү көрсөтүү менен токтотулган бирикмелер, окуу жайлары жана миссионерлер жөнүндө маалымат берген жок. Сурамжылоо учурунда каттоо (кайра каттоо) маселелери боюнча Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын жүйөөлүү жообун алуунун кыйынчылыктары жөнүндө билдирилген.

Дин иштери боюнча мамлекеттик органдын ишине жайылтууга зарыл болгон мисал катары, юстиция органдарынын иштөө тажрыйбасы келтирилген: каттоо жөнүндө буйруктарда кабыл алынган чечимге негиздөө келтирилет, укуктук ченемге шилтөө берилет. Тилекке каршы, материал топтоону жүргүзгөн топ эсептик каттоо, эсептик каттоодон баш тартуу же аны токтото туруу тууралуу буйруктардын көчүрмөлөрү берилген жок[38]. Диний уюмдардын айрым өкүлдөрү эсептик каттоо (кайра каттоо) жараянын токтотууга кызыгуусу ар кандай себептер менен жоголгонун билдиришти[39].

Анын ичинде төмөнкү себептер аталды: укуктук ченемдерди аткаруу жол-жобосунун жок болгону, мыйзамдарда чечилгис карама-каршылыктардын (коллизиялардын) болушу, айрым

---

[36] Окуусу жетинчи күн адвентисттердин окуусунан олуттуу айырмаланган жөн гана адвентисттер да бар.

[37] Григоренко А.Ю. Религиоведение. - СПб: Питер, 2008. Ильин В.В., Кармин А.С., Носович Н.В. Религиоведение. – СПб: Питер, 2008. Солдатов А.В. Религиоведение. - СПб: «Лань», 2004. Жаңы диний кыймылдарга (ЖДК) XIX-XX к.к. пайда болгон синкретикалык, эклектикалык окуулар кирет, алар каалаган мүнөздөгү белгилүү диний салттын булактарынан түп-тамырынан бери айырмаланган ушул окууну түзгөн харизматикалык инсандарга берилген «ачылууларга» негизделет.

[38]Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын буйруктарынын көчүрмө нускаларын алууга сураныч (2011-жылдын 23-июлундагы Чыг.№3/07).

[39] Себептердин арасында булар аталды: азыр күчүндө болгон юридикалык жак макамы болгонуна байланыштуу кайра каттоодон баш тартуу, юридикалык жак макамы юридикалык жак макамын алуу зарылдыгынын жоктугу, эсептик каттоодон (кайра каттоодон) өтүү үчүн бийлик органдарынын колдоосу болбогону, укуктук ченемдердин коллизиясы, ошондой эле башкаруу органдарынын чечимдерин тиешелүү түрдө жол-жоболоштуруунун зарылдыгы.

талаптарды аткаруу мүмкүн эместиги, азыркы укуктук макамын күчүндө жана биринчи катталуу убагына карата мыйзамдарга туура келген деп табуу, мыйзамдардагы өзгөрүүлөрдү кайра катталууга мажбурлоо деп кароо, кайра катталуу үчүн зарыл документтердин, анын ичинде бийлик органдарынын кол алдындагыларынын толук топтомун кайталап же улам-улам тапшыруунун татаалдыгы; динге ишенгендердин өз кызыкчылыктарын укуктук механизмдер менен коргоону каалабаганы же ага мүмкүнчүлүктөрү чектелгени, Конституциядагы принциптерди бийлик органдарынын өздөрү тиешелүү коргобогону, бийлик органдарынын жана алардын кызматкерлеринин нейтралитетинин бузулган учурлары ж.б.

## *Дин таануучулук экспертиза*

Дин таануучулук экспертизанын маселелери дин тутуу эркиндигин ишке ашыруу жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн аткаруусу үчүн орчундуу мааниге ээ. Бир катар суроолор юридикалык мааниге ээ корутунду берүү менен тыгыз байланышка (мисалы, жоруктарында кылмыштын белгилери бар экенин аныктоо үчүн)[40]. Тергөө органдарына жергиликтүү диний лидерлердин катышуусу аркылуу дин таануучулук экспертиза өткөрүүгө уруксат берген мурда кабыл алынган жобо укуктук баа берүүгө муктаж[41]. Бул маселе мыйзамдарда кылмыштык жараяндагы эксперт же адиске каралган корутунду үчүн жоопкерчиликке байланышкан.

Коомдун ар түрдүүлүгүн эске алганда дин таануучулук экспертиза кайсы бир тарапты колдой албайт, бул болсо конфессия ичиндеги же конфессия аралык талаш-тартыш орун алган учурларда өзгөчө мааниге ээ, Кыргыз Республикасынын Конституциясында чагылдырылган мыйзамдуулук жана дин тутуу эркиндигин сыйлоонун таралышына көмөк көрсөтөт. 2011-жылдын сентябрында дин таануучулук экспертиза жасоо үчүн эң ири конфессияларды тартууга байланышкан демилгени четке каккан Жогорку Кеңештин чечими маанилүү[42]. Мыйзам долбоору диний уюмдардын теңдигин козгогон, мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын диний уюмдарга өткөрүп бермек. Экспертиза негизинде диний көз караштардын айырмасы жаткан конфессия аралык талаш-тартыштын өтүшүп кетишине жол бербеши керек.

## *Адам укуктарына тиешелүү дин тутуу эркиндиги маселелерин жана укукка каршы келген жоруктарды ажыратуу*

Укукка каршы келген максаттарды көздөгөн уюмдардын ишмердүүлүгү[43] Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана эл аралык укукта корголгон дин тутуу эркиндигине кирбейт[44]. Мыйзам бузуу болуп саналган аракеттер (кылмыш, укук бузуу, тыюу салынган ишмердүүлүк) тиешелүү мыйзамдардын тескөө предметине кирет. Мындай иштерди кароо тиешелүү жол-жобонун аткарылышына, укуктардын соттук тартипте корголушуна, айыптоо менен

---

[40] 2008-жылдын октябрында Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын кызматкеринин корутундусу боюнча, тамак жасоо жана байге ойнотуу менен коштолгон Орозо Айт майрамына чакыруу кагазында конституциялык түзүлүштү кулатууга чакырыктын белгилери камтылган.

[41] Бишкекте ички иштер органдарынын кызматкерлери үчүн семинардын материалдарында тергөө органдарын ушундай ыйгарым укуктарын берген Өкмөттүн токтомдорунун бири көрсөтүлгөн.

[42] Депутат Т.Бакир уулунун демилгеси.

[43] Бирикмелер жана саясий ишмердүүлүккө катышуу боюнча тыюу салуулар 4 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган.

[44] Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык айрым уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салуу Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык макулдашуулардан келип чыгышы мүмкүн.

коргоонун теңдигинин принцибин сыйлоого, ошондой эле адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин толук тизмесин таанууга кепилдик берген териштирүүнүн предмети болушу керек.

### Уюмдарды деструктивдик жана авторитардык деп таануу

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия айрым бирикмелер жана агымдарды деструктивдик же тоталитардык деп санайт[45] (Тажрыйбага сереп салуу бөлүмүн караңыз). Кайсы бир топту мындай деп аныктоонун критерийлери жана жол-жобосу укуктук (соттук) коргоонун таасирлүү каражаттарын камсыз кылуу менен тиешелүү укуктук бекемдөөнү талап кылат.

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия бир катар бирикмелерди деструктивдик же тоталитардык деп баалайт: Мун Сан Мена (Мун) бирикмесинин чиркөөсү, Кришна эл аралык аң-сезим коому (кришнаиттер), Ыйык акыркы күндөрдүн Иисус Христ чиркөөсү (мормондор), Шри Чинмоя, Долнара Ханнонг, Фалуньгун, Ауробиндо Гхоша, Ак туугандык, сатанисттер[46]. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын документтеринде мындай бирикмелерге “секта” деген атоо колдонулат, ал конфессиялык чөйрөдө нейтралдуу – «сектор» деген мааниге ээ[47]. Юридикалык терминологияга мүнөздүү эмес жана коомдо терс кабыл алынган «секта» атоосу 2008-жылы мыйзамда бекитилген[48].

Бул тизмеге, анын Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган тыюу салууларга туура келишине, жана агымдарды деструктивдик же тоталитардык деп саноо үчүн тиешелүү укуктук жол-жобонун жана укуктук негиздердин сакталышына укуктук баа берүү зарыл. Уюмдардын максаттарына жана ишмердүүлүгүнө же жеке адамдардын иштерине баа берүү укуктук категориялар менен аткарылышы керек – бул иштерде кылмыштын курамы бар болгону, кишилердин тыюу салынган уюмга тиешелүү экенинин далилдери.

### Кыргыз Республикасынын аймагында уюмдарды экстремисттик жана террористтик деп таануу

Соттук тартипте террористтик же экстремисттик деп таанылган бирикмелер өзүнчө тизмеде камтылган[49], алардын ишмердүүлүгүнө Кыргыз Республикасынын аймагында соттук тартипте тыюу салынган.

Мындай уюмдардын катарына булар кирет: Чыгыш Түркстан мусулман партиясы (ошондой эле Чыгыш Түркстандын мусулман кыймылы - Шарки Туркестан мусулман партиясы катары да белгилүү), Чыгыш Түркстанды бошотуу уюму (Шарки азат Туркестан), Түркстан мусулман

---

[45] Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана адам укуктары боюнча (дин тутуу эркиндиги жаатында) эл аралык келишимдерге туура келиши боюнча критерийлерин жана жол-жоболорун текшерүү, ошондой эле укуктук коргоонун натыйжалуу механизми менен камсыз кылуу зарыл.

[46] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 2011-жылдын 2-августундагы №02-16/604 жообу.

[47] Бирикмелерди секталарга киргизүү жол-жобосу жана критерийлери, ошондой эле мындай иш-аракеттин мыйзамдуулугуна баа берүү Конституцияга жана Кыргыз Республикасы катышкан адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге туура келишин текшерүүгө муктаж.

[48] 2008-жылкы редакциядагы «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам.

[49] Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2003-жылдын 14-майындагы (башка булакта – 2003-жылдын 20-августундагы), Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2006-жылдын 15-сентябрындагы жана 2008-жылдын 11-июнундагы аныктамалары.

партиясы (ошондой эле Өзбекстандын мусулман кыймылы катары да белгилүү), экстремисттик деп таанылган Хизб ут-Тахрир Аль Мусулмани[50]. Кийинчерээк террористтик уюмдардын тизмесин булар толуктады: Аль-Каида, Талибан кыймылы[51]. Террористтик кыймыл катары булар да таанылган: Күрдстандын элдик конгресси (ошондой эле Күрд элдик конгресси, Күрдстандын жумушчулар партиясы, Конгра-Гель катары да белгилүү) жана Жихад тобу (ошондой эле Жаамат аль-жихад, Мусулман жихад тобу, Мусулман жихад бирлиги, Можахеддердин мусулман жихад жааматы, Борбордук Азиянын мусулман жихад жааматы катары да белгилүү)[52].

Тыюу салынган уюмдардын тизмесине эл аралык келишимдердин негизинде же Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардын мүчөсү болгонуна байланыштуу башка мамлекеттердин демилгеси менен кошуу жол-жобосу жөнүндө суроо келип чыгат. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги анын атын атабастан «компетенттүү органга» кайрылуу кеңешин берди[53]. Тактоодо жогоруда көрсөтүлгөн суроо министрликтин компетенциясына кирбээри билдирилген.

Белгилүү бир уюмдарды экстремисттик же террористтик деп таануу белгилүү кишилердин тиешелүү уюмдарга таандык экенинин жана айыпталуучулардын кылмыш курамын түзүүчү жоруктарды аткарганынын далилдерин көрсөтүү милдетин жокко чыгарбайт.

## *Стереотиптер менен күрөшүү, динге ишенгендердин абалына өзүнүн терс таасирин тийгизген терроризм, экстремизм жана радикализм менен күрөшүүнүн кесепеттерин жоюу*

Динге байланыштырылып айтылган терроризмге каршы операциялар же террордук актылар тууралуу билдирүүлөр[54] динге ишенгендердин абалына таасир этет. Укук коргоо органдарынын

---

[50] Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2003-жылдын 14-майындагы аныктамасы менен (Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 2011-жылдын 10-августундагы №4/14253 жообунан). Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 2011-жылдын 2-августундагы №02-16/604 жообунда 2003-жылдын 20-августу деген башка күн келтирилет.

[51] Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2006-жылдын 15-сентябрындагы чечими.

[52] Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2008-жылдын 11-июнундагы чечими.

[53] Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2011-жылдын 04-сентябрындагы №091/К-66 жообу.

[54] "«Кылым Шамы» адам укуктарын коргоо борбору" фондунун маалыматы: 2002-жылдын январындагы Бишкектеги «Дордой» кийим базарындагы газ баллонунун жарылышы; 2008-жылдын 1-октябрында Ноокатта Орозо Айт майрамынын учурунда жарандык калктын укук тартип күчтөрү менен кагылышы ал үчүн жоопкерчиликти Хазб ут-Тахрир партиясына тагышкан. 2009-жылдын июнунда Жалал-Абадда атайын операция өтүп, анын жүрүшүндө 2 киши өлүп, Сатывалдиев жана Жолдошев деген үй-бүлөлөрдүн үйү өрттөнүп кеткен жана мүлкү зыянга учураган; Өзгөндөгү атайын операция учурунда 4 киши өлүп, Мамадалиев деген үй-бүлөнүн үйү жана мүлкү өрттөнүп кеткен. 2010-жылдын октябрында Ош шаарындагы Мажрум-Тал районундагы мечиттин имамын өлтүрүп кетишкен. 2010-жылдын ноябрында Бишкектеги ИИБ имаратынын жанынан мина коюлган автомобиль табылганына байланыштуу көп киши камалган. 2010-жылдын декабрында Бишкекте Спорт ордосунун жанында 2010-жылдын апрелиндеги окуялар тууралуу ишти угуу учурунда жардыруу болуп өткөн, ошондой эле Беш-Күнгөй айылында өткөрүлгөн атайын операциянын жүрүшүндө эки киши өлүп, Топозовдордун үй-бүлөсүнө зыян келтирилген (үйү жана мүлкү өрттөнүп кеткен).

жол бербөөчүлүк көрсөткөн, кыйноо пайдаланган, диний таандыктыгы боюнча мыкаачылык менен жана намысына доо келтирүүчү мамиле кылган учурлары белгилүү[55].

Өткөрүлүп жаткан операциялардын мыйзамдуулугуна, пайдаланылып жаткан чаралардын чыныгы коркунучка шайкеш келишине парламент аркылуу жарандык көзөмөлдү, прокуратура органдарынын көз алдында болушун жана соттук көзөмөлдү башкалардын ичинде соттон тышкары жазалоону жокко чыгаруу үчүн дагы камсыз кылуу зарыл[56]. Кыргыз Республикасынын терроризмге жана экстремизмге каршы турууга багытталган уюмдардын жана келишимдердин мүчөсү болгонуна байланыштуу мыйзамдарга тиешелүү өзгөрүүлөр киргизилет.

Материал топтоо учурунда Кыргыз Республикасы мүчөсү болгон тиешелүү уюмдардын жана эл аралык келишимдердин[57] тизмесин алуу, ошондой эле кабыл алынып жаткан милдеттенмелердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна жана адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге каршы келбегенине баа берүү жол-жобосун аныктоо колдон келген жок[58].

## *Ажылыкты уюштуруу, жарандардын кызыкчылыктарын коргоо (өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары)*

Кыргызстан мусулмандарынын Мекеге ажылыкка барышын уюштуруу үчүн бийлик органдарынын жана Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын катышуусу менен Республикалык штаб түзүлгөн. Ага Кыргыз Республикасынын жарандарынын ажылыкка катышуусуна байланышкан маселелерди чечүүнү координациялоо тапшырмасы коюлчу. Мамлекет өз чегинен тышкары жарандарына коргоо жана кам көрүү камсыз кылууга милдеттенме алат[59]. 2011-жылы ажылыкка байланышкан маселелер Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгында түзүлгөн «Ажылык жана умра борбору» мекемесине жүктөлдү.

## *Улуттук жана диний таандыктыгын айырмалоо*

Эл алдындагы талкууларда көп учурларда кишинин улуттук таандыктыгы менен анын динге мамилесинин ортосунда барабар белгиси коюлат. Мындай билдирүүлөр чындыкка туура келбейт, себеби коом динге тиешелүүлүгү жана тутунган ынанымдары боюнча ар кыл, ошондой эле аларды

[55] Караңыз: «Кыргызстандагы кыйноолордун курмандыктары: Жарандардын экстремизмге тиешеси бар деп айыптоо боюнча адам укуктарынын бузулушун мониторинг материалдары», Түз. Абдирасулова А. ж.б. - Бишкек: «Ачык көз караш» коомдук фонду, 2009-ж. – 87 б., караңыз: http://prava.kloop.kg/?p=543

[56] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 21-беренесине ылайык өлүм жазасына тыюу салынган. Өз бетинче (соттук эмес) жазалоого тыюу салуу Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын Экинчи факультатив протоколу боюнча милдеттенмелерден келип чыгат (Кыргыз Республикасына карата 2010-жылдын 6-декабрында күчүнө кирген).

[57] КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине (2011-ж. 23-июлундагы чыг. №1/07), КР Ички иштер министрлигине (2011-ж. 23-июлундагы чыг. № 2/07), Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга (2011-ж. 23-июлундагы чыг.№3/07), КР Юстиция министрлигине (2011-ж. 23-июлундагы чыг.№4/07), КР Тышкы иштер министрлигине (2011-ж. 18-августундагы чыг.№11/08) суроо жиберилген.

[58] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгү адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин башка эл аралык келишимдердин алдында артыкчылыкка ээ экенин аныктайт.

[59] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-беренесинин 5-бөлүгү.

так аныктоо мүмкүн эмес. Динге мамилесин билдирүүгө мажбурлоого Конституцияда тыюу салынган[60].

## Мамлекеттин ар кандай диний багыттардын бирикмелерине жана ишенимдерге нейтралитетин жана бирдей мамилесин сакташы

Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган[61]. Мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын кызмат адамдарына Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана ага ылайык кабыл алынган мыйзамдарды, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерди[62] коргоону камсыз кылуу милдети жүктөлгөн.

Иш жүзүндө Конституциядагы принциптерди бийлик органдарынын кызмат адамдары жана кызматкерлери тарабынан бузулушу, кызматтык абалын пайдалануу менен атеисттик же диний көз караштарын жайылтуу кездешет[63]. Бийлик органдарына таандык мамлекеттик программаларда жана басылмаларда дин тутуу эркиндигине нейтралитетти бузуунун мисалдары кездешет[64]. Бийлик органы «секта» түшүнүгүн[65], ошондой эле адеп-ахлак, дин же ынаным эркиндигинин аныктамасына каршы келген «салттуу» же «салттуу эмес дин» деген укуктук эмес категорияларды колдонуу менен [66] уюмдарды каттоону токтоткон.

## Бийлик органдарында каттоо, ишмердүүлүгүн узартуу жана токтотуу

Диний уюмдарды каттоонун динамикасында диний уюмдардын түзүлүшүн жана ишмердүүлүгүн тескеген укуктун негиздин абалы чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын унитардык мүнөзүнө

---

[60] Мажбурлоого тыюу салуу дин тутуу эркиндигине, ынаным эркиндигине жана өз пикирин айтуу эркиндигине жайылтылат.

[61] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренеси.

[62] Ойлонуу, адеп-ахлак жана дин эркиндиги Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинде жана Баланын укугу тууралуу конвенциянын 14-беренесинде корголгон.

[63] Парламенттин имаратында 2011-жылдын 23-июнунда «Ар-Намыс» фракциясынын депутаттарынын демилгеси менен намазкана ачылышы кызуу талкуу жаратты. Ошондой эле мамлекеттик орган болгон Омбудсмен жайгашкан имаратта жеке ынанымдардын жана диний символиканын болгону да талкууланды.

[64] КР Билим берүү министрлиги чыгаруучу «Кут Билим» гезитинин 2011-жылдын 11-февралындагы санында КР Билим берүү институту иштеп чыккан Этикалык тарбия боюнча программанын долбоору сунуш кылынган. Документте ар кимдин диний жана башка ынанымдарды эркин тандоо жана ээ болууга универсал укугу жокко чыгарылган. Дин тандоо «өз элинин тарыхынан кайтуу, ата-бабасынын рухун, ыйык Ата Мекенин сатуу» деп берилген.

[65] «Секта» деген термин Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын документтеринде колдонулат, бирок бул атоонун пайда болушу 2008-жылкы редакциядагы «Дин тутуу эркиндиги жөнүндө» мыйзамда пайдаланылышы менен байланышкан.

[66] Ахмадие мусулман коомунун эсепке алуу каттоосун токтотуунун себептери «коом салттуу исламга кирбегени» менен негизделет (Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 2011-жылдын 25-июнундагы №02-11/202 катынан).

карабастан, айрым уюмдар намазканалардын ачылышынын көйгөйүнө туш болгон[67]. Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган ар бир объектини өз алдынча уюм (юридикалык жак) катары каттоо зарылдыгын караштырат[68].

Мисалы, баптисттердин Ошто, Кадамжайда, Таш-Көмүрдө чиркөөлөрү бар, бирок ар бири өз алдынча катталган. Коом Кара-Кулжада ДИМК эсепке алуу каттоосунан өтүүгө аракет кылганда катталууда кыйынчылыктары болгон, алар документтерин бир нече жолу тапшырышкан (2001, 2003 жана 2005-жылдарда). Маек жүргүзүлүп жаткан кишинин сөзүнө караганда, баш тартуу оозеки болуп, документ берилген эмес. Азыркы учурда коом кызматтарын өткөрүү үчүн Ош чиркөөсүнүн атынан үй сатып алган, бирок ДИМК объектинин (же Кара-Кулжа өкүлчүлүгүнүн) ДИМКда эсептик каттоосу жоктугуна шилтеме берүү менен кызматтарын өткөрүүгө тыюу салып жатат.

Кыргыз Республикасындагы миссияларды юридикалык жакка (кайра) каттоодогу кемчиликтерге байланышкан көйгөй белгиленген. Мүмкүн тапшырылган документтердеги жетишпестиктердин натыйжасынанбы, же каттоочу органдардын катасынан айрым уюмдар тиешелүү түрдө катталган эмес, айрымдары чет өлкөлүк миссия макамын сактап калган, ал эми калганы жергиликтүү диний уюм макамын алган.

Айрым көйгөйлөр диний уюмдар башкалардан алган же өз каражатынын эсебинен сатып алган имараттарды кайра профилдөө жол-жобосу менен байланышкан. Кайра профилдөө жол-жобосун өтпөө уюмдардын аларга же алардын мүчөлөрүнө жеке менчик укугунда таандык болгон объектилерде ишмердүүлүгүн чектөөнүн себеби болуп кызмат кылат[69]. Бир уюм архитектура органдары ал уюм секта эмес экени тууралуу маалым катты талап кылганына байланыштуу имаратты кайра профилдөөнү өткөрө албай койгон. Ошол эле учурда уюмдун ДИМКда эсептик каттоосу жөнүндө күбөлүгү бар. Бирок архитектура органдарына маалым кат берүү мүмкүн болгон эмес, ДИМКда мындай документ берүүдөн баш тартылган[70]. Айрым уюмдардан эсептик каттоо учурунда ДИМК жаргысына уюмдун ишмердүүлүк аймагын Кыргыз Республикасынын аймагынан айрым бир калктуу конуштун аймагына чейин чектеп, өзгөртүү киргизүүнү талап кылган[71].

Көйгөйлүү маселелердин бири ДИМКда пасторлорду каттоо болуп калды, анда 2008-жылы мыйзамды өзгөртүүгө байланыштуу пасторлордун талапкерлигин жергиликтүү кеңеш менен макулдаштыруу талабы пайда болгон. Бул ченем башка жактан келген миссионерлерге тийиштүү болду[72]. Ар бир миссионерди каттоо ал таанылткан уюмдун документтеринин толук топтомун берүүнү талап кылат. Миссионерден жаргынын көчүрмөсү, диплому жана миссионерлерди каттоо үчүн мыйзамда каралган башка документтер талап кылынат.

---

[67] Оштогу баптисттердин өкүлү менен маектен. Бул Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсептик каттоо маалыматынан да айкын болот.

[68] Эсепке алуу каттоосунун маалыматын талдоодон да ушундай тыянак чыгарса болот.

[69] Оштогу баптисттердин өкүлү менен маектен.

[70] Оштогу Сун Богым (элүүнчү жылкылар) чиркөөсүнүн төрагасы менен маектен.

[71] Оштогу Сун Богым (элүүнчү жылкылар) чиркөөсүнүн төрагасы менен маектен.

[72] «Благодать» уюмунун өкүлү менен маектен.

Визанын жарамдуулук мөөнөтү чет өлкөлүк миссионердин КР аймагында болушун чектөө куралы болуп калган, ага ДИМКде каттоосун узартуудан баш тартышкан. Миссионерлердин биринин Кыргыз Республикасында жашап туруу укугу болсо дагы, мыйзамда жөнгө салынбаган миссионердин каттоосунун биринчи 3 жылдык мөөнөтүнүн аякташынын учуруна ченемге шилтөө берип, анын ДИМКде каттоосун узартуудан баш тартышкан[73].

Мыйзамга 2008-жылы киргизилген диний уюмду түзүү үчүн эки жүз негиздөөчү зарыл экени жөнүндө талап диний уюмду белгиленген мөөнөттө каттоого тоскоол болуп калды; бул ченемди колдонуу менен мамлекет көзөмөлдөөчү-опуза талапкерге окшоп калат (бул ченем коррупциялык мүнөзгө ээ)[74].

## *Эсепке алуу каттоосу жана юридикалык жак катары каттоо*

Диний уюмду юстиция органдарында юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) арызга милдеттүү түрдө дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда эсепке алуу каттоосун (кайра каттоосун) бекемдеген документтин көчүрмөсү тиркелет[75]. Буга байланыштуу диний уюмдар Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосу жок юридикалык жак катары каттала албайт[76].

Мыйзамда, эгерде тиешелүү органдардын кошумча маалыматын жана корутундусун алуу зарыл болсо[77], ошондой эле арыз берүүчүнүн уюмдаштыруучу документтерин дин таануучулук экспертизага жөнөтүүдө[78] диний уюмдардын эсептик катталуусу тууралуу арыздарын карао мөөнөтүн бир айга узартылышы каралган[79]. Экспертиза маселеси 2011-жылдын сентябрында каралган мыйзам долбоорун[80] козгогон, ал боюнча экспертиза өткөрүү укугун диний уюмдарга берүү каралган. Бул окуя мамлекеттин нейтралдуу тескөөчү катары иш милдеттерин, ошондой эле уюмдардын бирдейлик принцибин сактоону козгогон.

2011-жылдын апрелиндеги окуяларга байланыштуу Диний уюмдардын бирдиктүү эсепке алуу реестри жана айрым документтер жоголуп кеткен, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия маалыматты калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүүдө[81].

---

[73] «Благодать» уюмунун өкүлү менен маектен.

[74] Евангелие коомдорунун өкүлү Александр Ким менен маектен.

[75] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 02.08.2011-ж. №02-16/604 жообунан.

[76] Юстиция министрлигинин 26.10.2011-ж. статс-катчы Ч.Мамидинованын атына маалым катынан.

[77] Жоопто кандай маалымат же корутунду талап кылынып калынышы мүмкүн экени чечмеленип берилген эмес.

[78] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 29.08.2011-ж. №02-16/688 жообунан.

[79] 2008-жылдын 31-декабрындагы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» №282 мыйзамдын 10-беренесинин 3-пунктуна жана 11-беренесинин 4-пунктуна жана 12-беренесинин 4-пунктуна ылайык.

[80] Мыйзам долбоорунун демилгечиси - «Ар Намыс» фракциясынын депутаты Турсунбай Бакир уулу.

[81] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 02.08.2011-ж. №02-16/604 жообунан.

2011-жылдын 4-октябрына карата Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эсепке алуу каттоосунан 440 юридикалык жак (диний уюмдардай эле, диний, кайрымдуулук же изилдөөчүлүк мүнөздөгү ишмердүүлүк алып барган борборлор, фонддор, бирикмелер)**[82]** өткөн. 2008-жылдан 2011-жылга чейин КР «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» №282 мыйзамын кабыл алганына байланыштуу бардыгы болуп юридикалык жак макамы бар 28 диний уюм катталган[83]. Ошентип, 2008-жылы жаңы мыйзам кабыл алынганга чейин 412 юридикалык жак катталган. Диний уюмдардын юридикалык жак катары дубандар жана конфессиялык таандыктыгы боюнча катталуу динамикасы болгон учурда мыйзамга киргизилген өзгөрүүлөрдүн таасири жөнүндө тыянак чыгарса болот.

Объектилерди эсепке алуучу каттоонун маалыматын юридикалык жактарга байланыштыруу уюмдардын институттук өнүгүшү тууралуу кошумча маалымат берет. Бул уюмдардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн өзгөчө мааниге ээ, себеби юридикалык жак макамы Кыргыз Республикасында унитардык мамлекет катары ишмердүүлүк алып баруу аймагына байланышкан. Объектинин юридикалык жактар менен укуктук байланыш маселесине жетиштүү көңүл бөлбөө өнүгүүгө белгилүү кыйынчылыктарды пайда кылат, мисалы, филиалдарды, өкүлчүлүктөрүн ачууда, менчик мүлк маселелеринде.

Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрүнүн) бирдиктүү мамлекеттик реестри уюмдардын ишмердүүлүк түрлөрү тууралуу маалыматты колдонбойт, буга байланыштуу реестрден диний ишенимди аткаруу менен иш алып барган уюмдар тууралуу маалыматты бөлүп алуу мүмкүн эмес[84]. Диний чөйрөгө тиешелүү уюмдарды эсепке алуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын компетенциясына кирет. Реестрге киргизилген уюмдардын “диний багыты” бар экени тууралуу Реестрдин[85] маалыматы боюнча тыянак чыгарууга боло турган өзгөчө учурларга «диний уюмдар» (бирикмелер) катары катталган юридикалык жактарды, ошондой эле уюмдаштыруучусу катары диний уюмдар**[86]** чыккан уюмдарды, атап айтканда, «диний билим берүүчү уюмдарды» алса болот (мында түзүлгөн уюмдардын ишмердүүлүгүнүн диний чөйрөгө байланышы жок болушу мүмкүн).

Кызыктуу учур кездешкен: уюмдун юридикалык жак катары каттоосу[87] бар, бирок документтердин колдо бар көчүрмөлөрүнөн көрүнүп тургандай[88], дин иштери боюнча органда эсепке алуу каттоосу узартылган эмес. Бул учур – мамлекет нейтралдуу өңүттү ээлеп, берилген топторго бирдей мамиле кылышы керек болгон конфессия ичиндеги талаш-тартыштын мисалы[89].

---

[82] Юстиция министрлигинин 26.10.2011-ж. статс-катчы Ч.Мамидинованын атына маалым катынан.

[83] Юстиция министрлигинин 04.08.2011-ж. жообунан.

[84] Юстиция министрлигинин 04.08.2011-ж. жообунан.

[85] Юстиция министрлигинин 04.08.2011-ж. жообунан.

[86] Юстиция министрлигинин 26.10.2011-ж. статс-катчы Ч.Мамидинованын атына маалым катынан.

[87] Ахмадие мусулман коому менен болгон окуя.

[88] Коомдун өкүлүнүн кошумча түшүндүрмөлөрүн алуу мүмкүн болбогондуктан, тыянак мурда берилген каттоо документтеринин жана ар кандай бийлик органдарына жөнөтүлгөн каттардын негизинде чыгарылат.

[89] Эгер уюмдун максаты КР Конституциясында аныкталган тыюу салууларга туура келбесе, белгилүү кишилердин иш-аракетинде кылмыштын белгилери болгон учурда таасир этүү чаралары уюмга эмес, түздөн-түз тартип бузуучуларга көрүлүшү керек.

Демек, уюм юридикалык жак катары жашай берет, бирок таат-ийбадат, окутуу жүргүзүүгө, диний тажрыйбаларын жана жөрөлгөлөрүн аткарууга тыюу салынган болушу мүмкүн. Бул маселени дин тутуу эркиндигине укукту аныктоо менен шайкеш келтирүү зарыл[90].

Материал топтоодо миссионердин эсепке алуучу каттоосунун 3 жылдык мөөнөтүн түшүнүү маселеси көтөрүлгөн[91]. Эсепке алуу каттоосунун мөөнөтүн кезектеги мезгилге узартуу тууралуу эреже ченемди миссионерликти ишмердүүлүк түрү катары тыюу салуу деп түшүнүүгө алып келген ар кандай түшүнүү маселесин жок кылууга тийиш. Бул маселеде миссионерлердин Кыргыз Республикасынын аймагында катталган юридикалык жактарга тиешеси бардыгын эске алуу зарыл. Ошондой эле миссия деп катталган уюмдардын жана өз алдынча бирикмелер катары катталган макамы маселеси да турат. Башка учурда уюм кайра каттоодон өтүп, ага тиешелүү объектилерди баары юридикалык жак катары ага кайра катталышы керек болорун түшүнгөн[92].

Каттоо маселелери ошондой эле диний уюмдарга өткөрүлүп берилген же алардын өз ишмердүүлүгү үчүн өткөрүлүп берилген жеке менчик (имараттар) менен да байланышкан. Кыйынчылыктар имараттарды кайра профилдөө жана аларды юридикалык жакка каттоодогу талаптарга байланышкан.

Динге ишенгендердин мыйзам бузуучуларга айланышынын айрым себептери дин тутуу жана диний уюмдардын эркиндиги жөнүндө мыйзамда камтылган ченемдерге байланышкан, аларды 2010-жылдын Конституциясына шайкеш келтириш керек. Бул иш Юстиция министрлигине караштуу Жумушчу топтун курамында жүргүзүлгөн, бирок Өкмөт бул мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке өткөрүп берген эмес. Долбоордо сунуш кылынган дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу чечимдери колдонуудагы мыйзамдын кемчиликтерин жоюуга жардам бере алат. Жаңы мыйзамда эске алынышы керек болгон маселелердин бири – башка динге ишенгендер менен бирге дин тутуу эркиндигине укугун турмушка ашыруу үчүн дайыма эле юридикалык жак жана юридикалык жактын тиешелүү укуктары талап кылынбайт. Дагы бир юридикалык маселе – динге ишенгендердин тобунун өзүнүн бирикме түзүү эркиндигин турмушка ашыруудагы жергиликтүү кеңештердин ролу. Бекитилген ченемди жарандардын топторунун, бул учурда – динге ишенгендердин өз бирикмесин түзүшүнө жергиликтүү кеңештердин иш жүзүндө уруксат бериши деп кароого туура келет. Бирикмелерди түзүү жеке эркиндик маселелерине кирет[93].

Каттоого ашыкча талаптардын коюлушу диний бирикмелердин карамагынан тышкары калганына алып келүүдө. Мыйзамдардагы каттоо талабын аткарбоо үчүн жоопкерчилик каралган. Мыйзамдардагы карама-каршы талаптар болгон учурда мыйзамга баш ийген жарандар жана уюмдар эрксизден укук бузуучу болуп калышы мүмкүн. Карама-каршы ченемдерди аткаруу дагы ошондой эле көйгөйлүү жана бийлик органдарынын жана алардын кызматкерлеринин мыйзам бузуусуна алып келиши мүмкүн. Уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салуу маселелери,

---

[90] КР Конституциясынын 32-беренеси жана Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренеси.

[91] Бишкектеги «Благодать» евангелие христиан баптист борбору менен болгон окуя.

[92] Бул учурда суроо биринчи кезекте кайра катталуу үчүн бериш керек болгон документтерди туура жол-жоболоштурууга, анын ичинде ар бир юридикалык жактын башкаруу органдарынын тиешелүү чечимдерин берүүгө коюлушу керек.

[93] КР Конституциясынын 32-беренеси жана Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренеси.

физикалык жактарды жоруктары үчүн жоопкерчиликке тартуу маселелери сыяктуу эле, күнөөсүздүк презумпциясын сыйлоо менен, укуктук талаада чечилиши керек.

## *Кодулоо жана орунсуз тажрыйба учурлары*

2008-жылы пайда болгон жана диний уюмдарды түзүүгө жана миссионерлердин ишмердүүлүгүнө жергиликтүү кеңештин колдоосун (макулдугун) алууну талап кылган мыйзам талабы дин тутуу эркиндигин ишке ашырууга көйгөй жаратты. Бул ченем эсепке алуу каттоо жараянын узартат жана аны басып өтүүгө мүмкүн эмес кылат, себеби макулдук берүү жол-жобосу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу (ЖӨӨБ) жана жергиликтүү мамлекеттик башкаруу (ЖМА) органдары тууралуу мыйзамда жазылган эмес. Мындан тышкары, бирикмелерди түзүү укугу мындай биригүү түзүүнү каалаган жактарга тиешелүү, бирок жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органынын өкүлчүлүктүү органына тиешеси жок[94].

«Прозелитизм» (жадатуучу жоруктар), «секта» аныктамалары терс жана басынтуучу мүнөзгө ээ. Мыйзамда «миссионер» жана «миссионердик ишмердүүлүк» деген атоолордун ортосунда чаташуу бар. Диний ишмердүүлүк ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн камтыйт, ал эми миссионердик ишмердүүлүк – диний үгүттөө ишмердүүлүгүн гана. Мыйзамда колдонулган атоолорду диний уюмдардын тажрыйбасына жана дин окутуусуна туура келтирүү керек[95]. Балдарды диний ишмердүүлүккө тартууга тыюу салуу ата-энеге баланы анын укуктарын ишке ашырууда баланын өнүгүү жөндөмдөрүн эске алган ыкмада жетектөө укугун берген Баланын укугу тууралуу конвенциянын жоболоруна карама-каршы келет[96]. Диндер «салттуу» жана «салттуу эмес» деп бөлүнөт деп айтылып келген пикирлер конфессия аралык жана конфессия ичиндеги келишүүгө таасир этет. «Сектор» (бөлүк) сөзүнөн келип чыккан «секта» деген атоо коомдук аң-сезимде терс мааниде кабыл алынат.

## *Бийлик органдарынын карамагындагы маалыматка жетки*

Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрүнүн) бирдиктүү мамлекеттик реестринде камтылган маалыматты бергени үчүн[97] каттоочу орган акы алат[98]. Ар бир көчүрмөнүн наркы юстиция органдарынын[99]. каттоо башкармалыгынын акы төлөнүүчү кызматтар үчүн тарифтери менен аныкталат[100]. Акы төлөнбөгөндө маалымат берилбейт[101].

---

[94] Бишкектеги Евангелие коомдорунун өкүлү Александр Ким менен маектен.

[95] Бишкектеги Евангелие коомдорунун өкүлү Александр Ким менен маектен.

[96] Бишкектеги Евангелие коомдорунун өкүлү Александр Ким менен маектен.

[97] 12.07.2011-ж. карата анда 2000ден ашык коммерциялык эмес (диний, билим берүүчү уюмдар) бар.

[98] «Кыргыз Республикасындагы юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрүнүн) мамлекеттик реестри жөнүндө» КР мыйзамынын 20-беренесине ылайык.

[99] Маалымат сураган убакта наркы 64 сомду түздү.

[100] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы тескөөнүн башкы агенттигинин 2009-жылдын 15-октябрындагы №426 буйругу жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2009-жылдын 28-октябрындагы №214-а буйругу менен бекитилген.

[101] Юстиция министрлигинин 04.08.2011-ж. жообунан.

ШКУ жана КМШ катышуучу өлкөлөрдүн аймагында тыюу салынган диний жана террористтик уюмдар тууралуу маалымат алуу үчүн мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү органдарына жана өкүлчүлүктөрүнө кайрылууга кеңеш берилген[102]. Эл аралык мамилелердин маселелердин болушун эске алганда бул маселелер КР Тышкы иштер министрлигинин (ТИМ) компетенциясына кириши керек эле, бирок ал мекеме уюмдарды тыюу салынган деп таануу жол-жобосун жана негиздерин тартипке салган эл аралык органдардын же эл аралык келишимдердин тизмеси тууралуу маалымат берүүдөн баш тартты. Ошондой эле тыюу салынган уюмдардын тизмеси берилген эмес, бул маселе ТИМнин компетенциясына кирбейт деген шилтеме берилген[103].

Кыргыз Республикасы, ШКУ жана КМШ катышуучу өлкөсү катары мыйзамсыз деп таанылган уюмдардын ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткарат жана зарыл чараларды көрөт. Башка ШКУ жана КМШ катышуучу өлкөлөрүнүн демилгеси менен тыюу салынган уюмдардын тизмеси тыюу салынган диний жана террористтик уюмдарга каршы күрөшүүнү алып барган Кыргыз Республикасынын тиешелүү органдарында болушу керек.

Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрүнүн) бирдиктүү мамлекеттик реестринде уюмдардын ишмердүүлүк түрлөрү тууралуу маалымат жок болгонуна байланыштуу[104] юстиция органдары сураныч боюнча тиешелүү маалыматты бере албайт. Реестрден «диний багытка ээ» критерийине туура келген уюмдар жөнүндө маалымат сураганда, диний уюмдар жана уюштуруучусу диний уюмдар болгон уюмдар аталышы баарынан ыктымал[105].

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия 2011-жылдын апрелиндеги окуяларга байланыштуу Диний уюмдардын бирдиктүү эсепке алуу реестри жана айрым документтер жоголуп кеткен, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия маалыматты калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүүдө деген шилтеме менен айрым маалыматты бере алган жок[106]. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиядан диний уюмдарга кирген объектилерди эсепке алуу каттоо жөнүндө маалымат сураганда маалыматтын юридикалык жак макамы боюнча бөлүнүшүн аныктоо мүмкүн эмес болду[107].

Маалыматка жеткини камсыз кылуу жана маалыматты тиешелүү түрдө берүү маселелерин чечүүгө бийлик органдарынын ишине автоматташтырууну (электрондук өкмөт) киргизүү түрткү болмокчу.

### *Динге байланышкан маселелер боюнча иш алып барган кызматкерлердин ишбилгилигин жогорулатуу*

2011-жылдын башынан бери Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн тренингдерди өткөрүүдө. Катышуучулар «Ички иштер органдарынын диний уюмдар менен иштешүүсүнүн концепциясын» калыптандыруу маселелерин

[102] Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин 10.08.2011-ж. №4/14253 жообунан

[103] 04.09.2011-ж. № 091/К-66 ИИМ жообунан.

[104] Юстиция министрлигинин 04.08.2011-ж. жообунан.

[105] Юстиция министрлигинин 26.10.2011-ж. статс-катчы Ч.Мамидинованын атына маалым катынан.

[106] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 02.08.2011-ж. №02-16/604 жообунан.

[107] Маалыматты юридикалык жак макамына байланыштыруу Кыргыз Республикасынын унитардык түзүлүшүнө туура келет, ички уюштуруу маселелерин: башкаруу органдарынын компетенциясы боюнча чечимдерин, анын ичинде, ачылып жаткан филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) түзүлүшү, ишмердүүлүк аймагы, мүлкүн башкаруу боюнча таанууга өбөлгө болот ж.б.

караштырууда[108]. Окуу жараянында колдонулуучу «Диний коопсуздук карталары» дубандар боюнча дин чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөрдү көз алдыга тартат[109].

Тренингдерге катышкан укук коргоо органдарынын кызматкерлери дин тандоо жана алмаштыруу укугун коркунуч катары карашкан. Бул маселе укук коргоо органдарынын кызматкерлери жарандардын КР Конституциясында жана мыйзамдарында кепилденген укуктарын коргошу үчүн дин тандоо жана алмаштыруу укугун камтыган дин тутуу эркиндигине укугунун мазмунун өзгөчө түшүндүрүүнү талап кылат. Бул кырдаалда колдонсо боло турган «коркунуч» деген атоо коомдогу билимдин учурдагы абалын чагылдырган жана конфессия аралык жол берүүчүлүк маселесин козгогон кагылышуу чыгып кетишинин ыктымалдуу тобокелине көбүрөөк байланыштуу.

Сүрөттөлгөн маселелерди чечүү мыйзамдын жана укуктун улуктугун, коомдогу ар түрдүүлүктү (анын ичинде диний ынанымдардын дагы) сыйлоого багытталган агартуу жана дүйнөгө көз карашты калыптандыруу жалпы мамлекеттик иш менен байланыштырылышы керек. Бул маселени чечүү боюнча Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия гана эмес, башка органдар жана уюмдар өз компетенциясына кирген маселелер боюнча иштеши керек. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия зарыл маалыматты берүү аркылуу көмөк көрсөтүшү керек.

## *Кыргызстандын тыюу салынган диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу маселелери боюнча эл аралык кызматташуусу, тыюу салуунун мыйзамдуулугун баалоо, тизмеге кошуу жана андан алып салуу тартиби*

Аларга ылайык айрым уюмдардын ишмердүүлүгүн тыюу салынган деп таануу боюнча милдеттенмелер алынган Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык органдардын же эл аралык келишимдердин тизмесин, ошондой эле тиешелүү тыюу салууга туш болгон уюмдардын тизмесин аныктоо аракети көрүлдү. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин депозитарийи катары иш алып барган Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги анын атын атабастан «компетенттүү органга» кайрылуу кеңешин берди[110].

Мамлекеттин эл аралык келишимдердин же эл аралык уюмдардын (мисалы, КМШ, ШКУ, ОДКБ, БУУ) мүчөсү болгонуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын аймагында тигил же бул уюмдарды башка мамлекеттердин демилгеси менен тыюу салынган деп таануунун мыйзамдуулугу жана анын жөндүүлүгүнө баа берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кайсы жол-жобо менен камсыз кылынарын аныктоо мүмкүн эмес болду. Тыюу салынган уюмдардын тизмесине киргизүү жана андан чыгаруу тартиби белгисиз.

Бул уюмдарга ШКУ жана КМШге мүчө өлкөлөрдүн аймагында тыюу салынганына байланыштуу кайсы диний жана террористтик уюмдар Кыргыз Республикасында тыюу салынган деп табылганын аныктоо мүмкүн эмес болду. Көрсөтүлгөн маалыматтарды тактоо үчүн катышуучу өлкөлөрдүн тиешелүү органдарына жана өкүлчүлүктөрүнө кайрылууга кеңеш берилген[111].

---

[108] 2011-жылдын башынан бери ЕККУнун Оштогу жергиликтүү кеңсеси менен бирдикте Ички иштер министрлигинин колдоосу менен «Пикир алышууну куруу жана өнөктүк аркылуу дин жана дин тутуу эркиндигин негизги адам укуктары катары жайылтуу» долбоорунун алкагында.

[109] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын 02.08.2011-ж. №02-16/604 жообунан. Окутуу программасы Бишкек шаарын, Баткен, Талас, Чүй, Нарын жана Ысык-Көл дубандарын камтыды.

[110] Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2011-жылдын 04-сентябрындагы №091/К-66 жообу.

[111] Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин 10.08.2011-ж. №4/14253 жообунан.

## 4-бөлүк. Диний чөйрөдө билим берүү

### *Жогорку диний (теологиялык) билим берүү*

Жогорку диний билим алууну алсак, маектин маалыматтары көрсөткөндөй, христиандык, протестанттык жана католик уюмдарынын окуулдөру негизинен Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары теологиялык билим алышат же квалификациясын жогорулатышат[112]. Мусулман багытындагы жогорку теологиялык билимди Кыргызстанда дагы, чет өлкөлөрдө дагы алса болот.




Маек өткөрүүдө берилген дипломдорду таануу мүмкүндүгү тууралуу маселе козголгон. Бүтүрүүчүлөргө кийин жумушка орношуусуна жардам иретинде окуу программасында диний сабактарды дагы, мамлекеттик билим берүү стандартына кирген сабактарды дагы айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу идеясы да талкууланган.

Он бир жогорку диний окуу жайынын катарына булар кирет:

Бишкек ш.:

– Кыргызстан Ислам институту

– Расул Акрам атындагы Ислам институту

– «Шелковый путь/Жибек жолу» теология институту (христиан)

Жалал-Абад дубаны:

– Амир Ханза Ислам институту

Нарын дубаны:

– Бешкендыр уулу Омуракун Ислам институту

Ош дубаны:

– Имам аль Бухари Ислам институту

– Абдыжапар Ислам институту

Баткен дубаны:

– Абдулла ибн Аббас Ислам институту


Чүй дубаны:

– Хазрети Осмон Ислам институту

– Куран Нуру Ислам институту

–Лукман аль Хаким Токмок институту

[112] Христиандык багыттагы уюмдардын окуулдөрү менен маектер боюнча.





Диаграммада Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жогорку диний окуу жайларынын жайгаштырылышы көрсөтүлгөн.

### *Жогорку теологиялык билим берүүгө кирбеген диний билим берүүчү мекемелер*


Эсепке алуу каттоосунун маалыматында «диний билим берүүчү мекемелер» категориясына булар кирет: мусулман багыты боюнча – 62 медресе, христиан багыты боюнча – 16 объект, конфессияларга таандыктыгы боюнча ажыратылып берилген.





Төмөндө медреселер аймактарда жайгашканы боюнча берилген.




Христиандык диний билим берүү мекемелерин эсепке алуу каттоосунун маалыматтары мекемелердин жайгашкан жерлери боюнча түшүнүк берет.




Ошондой эле объектилердин конфессиялык таандыктыгы тууралуу тыянак чыгарса болот.




Эсепке алуу каттоосунун маалыматтары билим берүүчү мекемелердин уюмдаштыруучусу болуп катталган диний уюмдардын маалыматын толуктайт[113]:

- «Центрально-Азиатская Реформаторская Семинария (Борбордук Азия Реформаторлук Семинария)» мекемеси (протестанттар)
- «Духовное учебное заведение «Колмо медресе»/«Көлмө медресе» диний окуу жайы» мекемеси (КМДБ)
- «Православная церковно-приходская школа «Светоч» («Светоч» православие чиркөө-приход мектеби) мекемеси (Орус православие чиркөөсү)

Кыргызстанда секулярдык/динден тышкары жалпы билим берүү программасын ишке ашыруучу жети мектеп иштейт[114].

## 5-бөлүк. Диний уюмдардын ишмердүүлүгү

### *Диний уюмдардын кызматкерлеринин билим алышы жана квалификациясын жогорулатышы*

Алардын базасында Кыргызстанда мусулмандык багытындагы гана жогорку теологиялык билим алса боло турган мекемелер бар. Христиандык багыттагы уюмдар үчүн маектердин учурунда аталган билим берүүчү мекемелердин баары Кыргызстандын чегинен тышкары жайгашкан болуп

[113] 2011-жылдын 4-октябрына карата. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги берген маалымат боюнча.

[114] Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча (чыг. №12-1/7747).

чыкты[115]. Айрым маекке катышкандар дин таануу кафедраларын билим алуунун бир варианты катары аташты[116].

Орто жана жогорку билимдин ортосундагы өзүнчө бир өткөөл баскыч – бул колледж (орто билимдин негизинде билим алуу)[117], аны христиандык багыттагы уюмдар аташты. Конфессиялык орто билим берүүчү мекемелер Кыргызстанда медресе, приходдук мектептер болуп саналат.

Диний билим берүү тууралуу мыйзам жок болгондуктан конфессиялык билимдин даражаларынын укуктук аныктамасы жок. Диний билим тууралуу дипломдорду таануу маселеси козголгон, бул окуу программасы жана билим берүү системдерин айкаштыруу мүмкүндүгү менен байланышкан. Чет жерлерде диний билим алуу алынган билим тууралуу документти таануу мүмкүндүгү маселесин козгойт.

Ар кандай багыттагы диний уюмдар диний үгүттөө түрүндө билим беришет: мусулман багытындагы динге ишенгендер – медреселерде (көбүнчө мечиттердин алдында), христиан уюмдары – жекшембилик мектептерде[118]. Ошондой эле курс түрүндө билим берүү бар[119].

## *Жолдоочуларды тартуу*

Жолдоочуларды чакыруунун негизги түрү катары диний уюмдардын өкүлдөрү аңгемелешүүнү аташты (мындай иш формасы ар кандай аталыштарга ээ – даават, евангилизация, прозелитизм). Динге ишенгендер мечиттердеги жана чиркөөлөрдөгү диний үгүттөө учурунда жаңы кишилерди (көбүнчө тааныштарынын жана айланасындагылардын арасынан) чакырышат. Ошондой эле чакыруу диний майрамдарды, мисалы, Пасха, Рождество, Орозо Айтты майрамдоо менен бириктирилиши мүмкүн. Диний уюмдун ишине катышуу же катышпоону тандоо маселеси - кишинин жеке иши[120]. Диний уюмдардан тышкары диний үгүттөө иштерин жүргүзүү мыйзамга 2008-жылы киргизилген өзгөрүүлөрдө козголот экен. Ошону менен бирге мыйзам ар кимге өз жайында диний үгүттөө укугун тыюу салбайт. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде сыйынуучу жайлардын ачылышы колдонулуп жаткан мыйзамдын ченемдеринин аткарылышы тууралуу  маселени коёт.

---

[115] Баптисттер Казакстандагы чиркөөгө караштуу институтту аташты; жетинчи күн адвентисттери – Казакстандагы Заокской диний академиясынын филиалы; православдар (Орус Православие чиркөөсү) – Ташкенттеги диний академияны; католиктер – Казакстандагы; пресвитериандар – Россиядагы. Ошондой эле акыркы жылдары окуучуларды жетиштүү санда топтой албаган «Шелковый путь/Жибек жолу» жана «Институт Эммануил» мекемелери аталды.

[116] Маекке катышкандар Кыргызстан-Россия Славян университетин, Жусуп Баласагын атн. Кыргыз Улуттук университетин, Кувейт университетин, Кыргыз-Түрк «Манас» университетин, Ош мамлекеттик университетин аташты.

[117] Христиандык багыттагы уюмдардын өкүлдөрү Токмок шаарындагы, ошондой эле Бишкектеги «Шелковый путь/Жибек жолу» мекемелерин аташты.

[118] Жекшембилик мектептер Оштогу Орус Православие чиркөөсүнүн жана Католик чиркөөсүнүн өкүлдөрү менен маекте эскертилген.

[119] Протестанттык чиркөөлөрдүн биринин өкүлү жаңы мүчөлөр чөмүлүүдөн өтөрдөн мурун баруучу 6 айлык курстар жөнүндө билдирди.

[120] Мындай көз караш маекке катышкан диний уюмдардын баарынын өкүлдөрү билдиришти.

### *Диний уюмдардын каржылык туруктуулугу*

Диний уюмдардын ишмердүүлүк каражаттарын толтуруу булактары болуп кайыр-садага[121], а айрым учурларда – алынган пайданын бир бөлүгүн бөлүп берүү, бирок алар баары бир ыктыярдуу экени маек учурунда белгиленген. Айрым уюмдардын чиркөөлөрдү оңдоо жана кармоого колдоо көрсөткөн чет мамлекеттерде фондулары бар[122]. Айрым уюмдар штаттык кызматкерлерге кызмат акы төлөөгө каражат жетишсиздигин аташты[123]. Каржылык туруктуулук болбогондуктан диний кызматкерлер өмүрүн диний кызматка арнап коюп, эс алууга чыгар куракка жеткенде пенсия алыш үчүн социалдык төлөмдөрүн төлөгөнгө ар дайым мүмкүн боло бербейт[124]. Айрым уюмдар өзүнүн каржылык абалын туруктуу жана зарыл чыгымдарды жабууга жетиштүү деп баалашат, кээде бул тыштан келген жардам менен байланыштырылат[125].

Маек учурунда диний уюмдарды мамлекеттик колдоо маселеси субсидия же салыктык жеңилдиктерди берүүгө арыз бериши мүмкүн болгон коом үчүн айрым кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу козголду, антпегенде салык салуу башка коомдук уюмдар менен катар кадимки тартипте жүргүзүлөт[126]. Салык мыйзамдарындагы өзгөрүү жер салыгын төлөө зарылдыгына таасир тийгизген[127]. Мурда чиркөөгө тиешелүү болгон объектилерди менчикке кайтарып алуу мүмкүндүгү тууралуу маселе козголду[128].

### *Диний уюмдардын ишмердүүлүгү камтыган чөйрөлөр*

Бир катар уюмдар дин тутуу ишмердүүлүгү менен байланышпаган программаларды өткөрөт. Анын ичинде, ден соолук программалары, тамактануу мектептери[129], колунда жокторду мончого алып баруу[130], психиатриялык оорукананын мончосун жана имаратын оңдоо аталды[131]. Айрым

---

[121] Ар кандай уюмдардын өкүлдөрү – баптисттер, жетинчи күн адвентисттери, элүүнчү жылкылар, католиктер, «Благодать» евангелие христиан баптист борбору, протестанттар (Антиохия), православдар, мусулмандар менен маектер боюнча.

[122] Жалал-Абаддагы Католик чиркөөсүнүн жана жетинчи күн адвентисттеринин өкүлдөрү менен маектер боюнча.

[123] Оштогу Сун Богым (элүүнчү жылкылар) чиркөөсүнүн мүчөлөрү жана Бишкектеги (деноминацияланбаган уюмдарга киргизилген) протестанттар менен маектен.

[124] Юсур Лома жана Бишкектеги «Антиохия» Протестанттык Евангелие-христиан чиркөөсүнүн өкүлдөрү менен маектер боюнча.

[125] Бишкектеги Орус Православие чиркөөсүнүн, Жалал-Абаддагы Католик чиркөөсүнүн жана жетинчи күн адвентисттеринин өкүлдөрү менен маектер боюнча.

[126] Бишкектеги Евангелие коомдорунун өкүлү Александр Ким менен маектен.

[127] Оштогу Орус Православие чиркөөсүнүн өкүлү менен маектен.

[128] Анын ичинде, галерея катары пайдаланылып жаткан Бишкектеги Эмен багындагы часовнянын имараты тууралуу сөз болгон.

[129] Оштогу жана Жалал-Абаддагы жетинчи күн адвентисттеринин өкүлдөрү менен маектер боюнча.

[130] Оштогу Сун Богым (элүүнчү жылкылар) уюмунун төрагасы менен маектен.

[131] Жалал-Абаддагы Католик чиркөөсүнүн өкүлү менен маектер боюнча.

уюмдар чет өлкөдөн келген гуманитардык жардамды бөлүштүрүү менен алектенет[132]. Мында айрым уюмдар жардамды бөлүштүрүүнү социалдык коргоо органдары аркылуу аткарат[133], чет мамлекеттерден врачтардын келишин уюштурушат[134], ошондой эле үй-жайсыз кишилер үчүн ысык тамак уюштурушат[135].

## *Нике каттоо*

Диний коомдордун көбү никени мамлекеттик каттоо зарыл деген көз караштa. Айрымдары мамлекеттик каттоо жана диний жөрөлгөлөрдү – никелешүүнү (орусчасы – "венчание") аткаруунун кезегине көңүл бурушпайт[136], бирок алар никеге туруп жаткан кишилердин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн (балдарынын) укуктарынын корголушунун шарты катары мамлекеттик каттоо зарыл экенине макул болушат[137]. Католиктер никени мамлекеттик каттоодон баш тартышпайт[138]. Орус православие чиркөөсү венчание жөрөлгөсүнүн алдында мамлекеттик каттоо артыкчылыкка ээ деген көз караштa[139]. Мусулманчылык никеге турууга макулдуктун болушун талап кылат. Ошону менен мусулман багытындагы бирге диний лидерлер имамдын эмес, башка кишилердин, мисалы, молдонун катышуусу менен нике кыйылганынын көйгөйүн белгилешет[140].

Иш жүзүндө бардык диндер төмөнкү жагдайларга байланыштуу сейрек гана окуялардан башка учурларда ажырашууну колдошпойт: никеге туруу алдоо жолу менен жүргөн, ооруп калуу, динге байланыштуу жоюуга мүмкүн болбогон көйгөйлөр, ойноштук кылып никени бузуу[141]. Православие бийлик органдарында никенин бузулганы тууралуу документ берилмейинче ажырашууга уруксат бербейт[142].

---

[132] Бишкектеги «Благодать» евангелие христиан борборунун, ошондой эле Оштогу жана Жалал-Абаддагы жетинчи күн адвентисттеринин өкүлдөрү менен маектер боюнча (жетинчи күн адвентисттеринин өзүнчө агенттиги бар – ADRA).

[133] Бишкектеги «Благодать» евангелие христиан борборунун өкүлү менен маектен.

[134] Бишкектеги «Благодать» евангелие христиан борборунун, ошондой эле Оштогу жана Жалал-Абаддагы жетинчи күн адвентисттеринин өкүлдөрү менен маектер боюнча.

[135] Бишкектеги «Антиохия» Протестанттык Евангелие-христиан чиркөөсүнүн өкүлү менен маектен.

[136] «Антиохия» чиркөөсүнүн өкүлү менен маектен: Кудай алдында, бирок кырдаалга жараша болот, мисалы, «күнөөгө батып жашабаш үчүн никеге тургузуу (венчаниени өткөрүү».

[137] Баптисттер, жетинчи күн адвентисттери, Сун Богым.

[138] Католиктер салт боюнча никесин мамлекеттик каттоо жол-жобосунун аналогу болуп саналган чиркөө китептеринде катташчу, мындан никеге туруу мүмкүнчүлүгүнүн маселелери чечилген (никеге турууга болжолдуу тоскоолдук катары венчаниенин жоктугу)

[139] Бишкекте Игорь Дронов менен маектен.

[140] Жалал-Абаддагы мусулман диний лидери менен маектен.

[141] Оштогу жана Жалал-Абаддагы католиктер, адвентисттер менен маектерден.

[142] Бишкекте Игорь Дронов менен маектен.

## 6-бөлүк. Алмаз Эсенгельдиев. Дин тутуу эркиндигин укуктук камсыздоого жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн тескөөгө сереп салуу

### *Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигин жана диний уюмдарды укуктук тескөө*

Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигин жана диний уюмдарды укуктук тескөө Конституция, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзам, башка мыйзамдар жана мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар менен ишке ашырылат.

Конституциянын редакцияларынын ичинен бул изилдөөнүн авторлору Кыргыз ССРинин Конституциясын (1993-жылдын 5-майына чейин күчүндө болгон), Конституциянын 1993, 2003, 2007 жана 2010-жылдардагы редакцияларын алган. Бул мезгилдерде дин эркиндиги боюнча ченемдер өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго дуушар болуп жаткан.

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзам биринчи жолу 1991-жылдын 16-декабрында, дээрлик «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияга»[143] Конституциялык мыйзам макамы берилген менен бир убакта жана ал кабыл алынгандан 3 айдан кийин кабыл алынган[144]. 1991-жылкы Мыйзам 1997-жылы жана 2008-жылы киргизилген анча чоң эмес оңдоолору менен 2009-жылдын 16-январына чейин күчүндө болуп, ал күнү 2008-жылдын 31-декабрында Президенттин колу коюлган так ушундай аталыштагы жаңы мыйзам күчүнө кирген. Талдоого Мыйзамдын бардык редакциялары, б.а. 1991, 1997-жылдардагы, 2008-жылдын 17-октябрындагы жана 31-декабрындагы редакциялары, ошондой эле 2011-жылкы акыркы редакциясы пайдаланылды, себеби каралып жаткан редакциялардын ар бири диний уюмдардын ишмердүүлүгүн укуктук тескөөгө мамлекеттин мамилесинин өзгөрүшүн чагылдырган.

Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигин жана диний уюмдарды укуктук тескөө мыйзамда аныкталган тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы мүчөсү болгон эл аралык келишимдердин натыйжасында эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери аркылуу ишке ашырылышы  мүмкүн, аларды 2010-жылкы редакциядагы Конституция Кыргызстандын укуктук системасынын курамдык бөлүгүнө киргизген (6-берененин 3-п.). Ага чейин 1991-жылкы мыйзамда аны 2009-жылы алып салганга чейин эгер эл аралык келишимде аныкталган эрежелер Кыргыз Республикасынын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарда камтылган эрежелерден башкача болсо, эл аралык келишимде аныкталган эрежелерди колдонуу тууралуу ченем күчүндө болчу[145]. Жаңы мыйзам, биринчи Конституцияда жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде аныкталган беренесинде адамдын дин тутуу эркиндигине укугун камсыз кылууну жарыяласа да, өз мазмунунан эл аралык укуктун мурдагыдай улуттук мыйзамдардан артыкчылыкка ээ экенинин эрежесин камтыган эмес. Натыйжада улуттук ченемдер өлкөнүн эл аралык милдеттенмелерине каршы келген учурларда эл аралык укуктун жарамдуулук артыкчылыгын таануу жана ченемдерин колдонуу маселеси ачык бойдон калган.

---

[143] 1991-жылдын 11-декабрында кабыл алынган.

[144] 1991-жылдын 31-августунда кабыл алынган.

[145] 1991-жылкы Мыйзамдын 23-беренеси.

## *Кыргызстандын дин тутуу эркиндиги боюнча эл аралык милдеттенмелери*

Колдонуудагы БУУнун адам укуктары боюнча негизги тогуз конвенциясынын алтоо мүчө өлкөлөргө дин тутуу эркиндиги боюнча милдеттенмелерди аныктайт. БУУнун дин тутуу эркиндиги, аялдарды кодулоого каршы, ошондой эле майыптардын укуктары боюнча конвенцияларында, ошондой эле дин тутуу эркиндиги боюнча ченемдер эске алынбайт.

Кыргыз Республикасы БУУнун адам укуктары боюнча негизги тогуз конвенциясынын сегизин ратификациялаган, БУУнун бардык адамдарды күч менен жоголуп кетүүдөн коргоо боюнча конвенция ратификациялана элек. Кыргызстандын дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмелери Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактыда, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пактыда, Баланын укугу тууралуу конвенцияда, Бардык эмгектенип жаткан мигранттардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө конвенцияда, Расалык кодулоонун бардык түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенцияда аныкталган.

Дин тутуу эркиндиги боюнча жалпы эреже Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинде каралган, ага ылайык пактынын мүчөсү болгон мамлекет ар кимге буларды камсыз кылууга милдеттенме алат:

- дин эркиндигине укук, ага динди же ынанымдарды өз тандоосу менен кармануу же кабыл алуу эркиндиги жана өз динин жана ынанымдарын жеке өзү дагы, башкалар менен бирдикте дагы, эл алдындагы же жеке турмуш тартибинде тутуу эркиндиги, ырасымдарды аткаруу, диний жана ритуалдык жөрөлгөлөрдү жана окууларды жасоо эркиндиги кирет[146];

- динди же ынанымдарды өз тандоосу менен кармануу же кабыл алуу эркиндигин кысмакка алган мажбурлоого кабылбоо[147].

Мамлекеттер пактыга ылайык ошондой эле ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчулардын өз балдарын жеке ынанымдарына ылайык диний жана адеп-ахлактык тарбиялоо эркиндигин сыйлашы керек[148].

Пактта ошондой эле дин тутуу эркиндигине укугун чектөө каралган, ал мыйзам тарабынан аныкталышы мүмкүн, ал зарыл болушу керек, жана коомдук коопсуздукту, тартипти, ден соолукту жана адеп-ахлактуулукту, ошол эле даражада башка кишилердин негизги укуктарын жана эркиндиктерин сактоо үчүн аныкталат[149].

## *Дин тутуу эркиндигине укугунун кепилдиктери*

Дин тутуу эркиндигине укук бардык Конституцияларда каралган.

Кыргыз ССРинин Конституциясында «каалаган динди тутунуу же эч кандай динди тутунбоо, диний ырасымдарды аткаруу же атеисттик үгүттөө жүргүзүү укугу» каралган[150]. Бул укукту

---

[146] Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинин 1-пункту.

[147] Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинин 2-пункту.

[148] Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинин 4-пункту.

[149] Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактынын 18-беренесинин 3-пункту.

[150] Кыргыз ССРинин Конституциясынын 50-беренеси.

Советтик Кыргызстандын Конституциясы республиканын жарандарына бекиткен. Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок кишилерге Конституция мыйзамда каралган укуктар жана эркиндиктерди кепилдеген[151]. Укукту чектөөдө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырышы коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына, башка жарандардын укуктарына зыян келтирбеши керек деген жалпы ченем колдонулган[152].

1993-жылкы Конституция ар кимге «дин тутуу эркиндигине, диний жана сыйынуу эркиндигине» укук берген[153]. 1993-жылкы Конституция өз жоболорунда укуктарды жана эркиндиктерди Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка кишилердин укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, конституциялык түзүлүштү сактоо иретинде гана уруксат берилген чектөө жөнүндө эрежени киргизген. Мында конституциялык укуктардын жана эркиндиктердин маңызы өзгөрбөйт[154].

2003-жылкы Конституция ар кимге «дин тутуу, диний же атеисттик ишмердүүлүк» эркиндигине укукту, ошондой эле «каалаган динди эркин тутунуу же эч кандай динди тутунбоо, диний же атеисттик ынанымдарды тандоо, кармануу жана таратуу» укугун камсыз кылган[155]. 2003-жылкы Конституция укукту чектөөгө 1993-жылкы Конституцияда кабыл алынган мамилени сактап калып, укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө негиздердин катарына коомдук тартипти жана аймактык бүтүндүктү камсыз кылууну гана кошкон[156].

2007-жылкы Конституция ар кимге «дин тутуу жана атеисттик ынанымдардын эркиндигин» камсыз кылып, укукту аныктоого бир аз оңдоо киргизген. Укуктарды жана эркиндиктерди чектөө эрежелери жана негиздери 2003-жылкы Конституциянын редакциясын сактап калган.

2010-жылкы Конституция негизги мыйзамдардын редакцияларынан биринчи болуп бул укукту адам укуктары боюнча эң аз стандарттарга ылайык чагылдырган, анда аныкталган ченемге ылайык ар ким өз динин жеке өзү же башкалар менен бирдикте тутунууга, диний жана башка ынанымдарды эркин тандоого жана кармануга укуктуу. Жаңы Конституция өзүнүн диний же башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоого тыюу салды.

2010-жылкы Конституция адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөө боюнча ченемдерди адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарга ылайыкташтырды. Адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө Конституцияда жана мыйзамдарда гана улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден соолугун жана адеп-ахлактуулугун коргоо, башка кишилердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо иретинде гана жол берилет[157]. Эч кандай жагдайда диний жана башка ынанымдарды эркин тандоого жана кармануга укук[158], ошондой эле диний жана башка

---

[151] Кыргыз ССРинин Конституциясынын 35-беренесинин 1-абзацы.

[152] Кыргыз ССРинин Конституциясынын 37-беренесинин 2-абзацы.

[153] 1993-жылы кабыл алынган Конституциянын 16-беренесинин 2-п. 5-абзацы.

[154] 1993-жылы кабыл алынган Конституциянын 17-беренесинин 2-пункту.

[155] 2003-жылкы Конституциянын 16-беренесинин 11-пункту.

[156] Конституциянын 17-беренесинин 2-пункту.

[157] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 20-беренеси.

[158] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын20-беренесинин 5-пунктунун5-субпункту.

ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоого тыюу салууга чектөө коюлбашы керек[159].

2010-жылкы Конституция адамдын, жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзамдык ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тике конституциялык тыюу салууну киргизген[160]. Бул жобо чектөөлөрдү мыйзамда гана кабыл алуу жөнүндө конституциялык эрежени күчөтүп, бул өз кезегинде парламенттен башка бир да мамлекеттик органдын дин тутуу эркиндигине укукту чектөө жөнүндө актыларды кабыл алууга укугу жок дегенди билдирет, себеби мыйзамды Жогорку Кеңеш кабыл алат.

2010-жылкы Конституция ошондой эле киргизилип жаткан чектөөлөрдүн көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек деген принципти киргизген жана укуктарга жана эркиндиктерге Конституцияда көрсөтүлгөндөн башка максаттарда жана көбүрөөк деңгээлде чектөө коюуга тыюу салды[161].

## *Динден тышкары/секулярдык мамлекет*

Мамлекеттин динден тышкарылыгы биринчи жолу Кыргызстандын 1993-жылкы Конституциясында эскертилген жана андан ары анын кийинки редакцияларына өтүп отурган. Динден сырткары/секулярдыкты көрсөтүү Кыргыз ССРинин Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын 2007-жылкы Конституциясында гана жок болгон. Советтик Кыргызстандын Конституциясы республиканын динден сырткары/секулярдуу экенин көрсөтүүнүн ордуна чиркөөлөрдү мамлекеттен жана мектепти чиркөөлөрдөн ажыратууда дуализм эрежесин бекиткен[162].

2007-жылкы Конституция, Кыргыз Республикасынын динден тышкары экенин атабастан, өз жоболорунда эгемен Кыргызстандын 1993-жылкы редакциядагы биринчи Конституциясындагы тыюу салууларды сактап калган. 2007-жылкы Конституциянын 8-беренеси 1993-жылкы Конституциянын 8-беренесинин ошондой эле маанисин – бир да дин мамлекеттик же милдеттүү катары таанылышы мүмкүн эмес экенин чагылдырган, ошондой эле диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө[163], саясий максаттарды көздөгөн чет өлкөлүк саясий партиялардын, коомдук жана диний уюмдардын, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын ишмердүүлүгүнө[164], диний негиздеги саясий партияларды түзүүгө, диний уюмдардын саясий милдеттерди жана максаттарды көздөшүнө[165] тыюу салган. 2007-жылкы Конституцияда, эгемен Кыргызстандын Конституцияларынын башка редакцияларындагыдай эле, динден тышкарылык дуализми жокко чыгарылып, конституциялык ченемдер диндин мамлекеттин иштерине катышышына гана жол берген эмес.

---

[159] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын20-беренесинин 4-пунктунун7-субпункту.

[160] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 20-беренесинин 2-пункту.

[161] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 20-беренесинин 2-пункту.

[162] Кыргыз ССРинин Конституциясынын 50-беренеси.

[163] 5-пунктунун 4-абзацы.

[164] 5-пунктунун 5-абзацы.

[165] 5-пунктунун 6-абзацы.

Кыргыз Республикасынын Конституцияларынан айырмаланып, Дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдар диний уюмдардын мамлекеттен гана эмес, мектептин диний уюмдардан бөлүнүшүнүн дагы ченемдерин камтыган. 1991-жылкы мыйзам диний партияларды түзүүгө тыюу салуу менен диний уюмдардын саясий турмушка аралашышына жол ачкан[166]. Билим берүүчү уюмдар боюнча 1991-жылкы мыйзам «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик билим берүү системасы диний уюмдардан ажыратылган»[167] деп жарыялаган. Катталган диний уюмдарга 1991-жылкы мыйзам балдарга жана чоңдорго диний билим берүү үчүн диний окуу жайларын түзүү укугун берген[168].

2008-жылкы мыйзам диний уюмдардын жана диний ырасымдардын кызматкерлеринин мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө кийлигилүүсүнө тыюу салган. Билим берүүчү жана диний уюмдардын өз ара мамилелери жаатында 2008-жылкы мыйзам бири-бирине карама-каршы келген эки эрежени камтыган. Бир жагынан, катталган диний уюмдар балдарга жана чоңдорго диний билим берүү үчүн диний окуу жайларын түзүүгө жана кармоого укуктуу[169]. Экинчи жагынан, жогорку жана орто диний окуу жайларында окууга жарандар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык милдеттүү жалпы орто билим алгандан кийин кабыл алынган[170]. «Билим берүү жөнүндө» мыйзам билим берүүчү уюмдарда окуунун динден тышкаркы мүнөзүнүн принцибин аныктаган[171]. Ошентип, мыйзам чыгаруучу диний окуу жайларынын ачылышына каршы эмес, бирок диний окуу жайларында окууга динден тышкаркы билим алгандан кийин гана уруксат берилет.

## *Атоолордун жана түшүнүктөрдүн мыйзамдык аныкталышы*

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамдын 1991-жылкы редакциясында атоолор жана түшүнүктөр камтылган эмес. 2008-жылкы жаңы мыйзамга негизги атоолор жана түшүнүктөр жөнүндө атайын берене киргизилген. Киргизилген атоолор жана аныктамалар башка ченемдик укуктук актыларга жана эл аралык ченемдерге карама-каршы келүүлөрдүн санын көбөйткөн. Ошондой эле алардын үстүндө иштөөдө юридикалык техника эрежелери да бузулган.

Эл аралык жана конституциялык ченемдер алар үчүн укукту чектөө киргизилиши мүмкүн болгон максаттар катары «коомдук» же «улуттук» коопсуздук түшүнүгүн колдонсо, колдонуудагы Мыйзам «диний» коопсуздук түшүнүгүн колдонот[172]. Мүмкүн, кеп адеп-ахлактуулукту сактоо жөнүндө болушу мүмкүн, бул юридикалык теория жана тажрыйбада колдонулган атоо болуп саналат, бул учурда мыйзамдарды кабыл алынган терминологияга ылайык келтирүү зарыл.

Жаңы Мыйзам жарандык, кылмыш-жаза жана административдик мыйзамдарда аныкталган түшүнүктөрдү жана атоолорду колдонот. Колдонуудагы терминология макулдашылган эмес, тескөөгө ар кандай аныктамалар жана мамилелер орун алган, бул акыры келип укуктук түшүнүүнү

---

[166] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 5-беренесинин 3-абзацы.

[167] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 6-беренесинин 1-абзацы.

[168] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 6-беренесинин 3-абзацы.

[169] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 6-беренесинин 3-пункту.

[170] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 6-беренесинин 5-пункту.

[171] 4-беренесинин 12-абзацы.

[172] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 1-беренесинин 2-пункту.

татаалдантат, ар кандай түшүнүү жана жарандык, кылмыш-жаза жана администрациялык мыйзамдардагы колдонуудагы ченемдерге каршы келүүлөрдү пайда кылат.

Мамлекет тарабынан тыюу салынган «диний радикализмдин»[173] юридикалык аныктамасы жок. «Прозелитизм» түшүнүгүн киргизүү жана аныктоо «бир конфессияга ишенгендерди башкасына тартууга багытталган жадатма жоруктарга»[174] тыюу салууну аныктоо үчүн кызмат кылат. Мында 2008-жылкы мыйзам «жадатмалыкка» аныктама бербейт жана каалагандай субъективдүү түшүнүүгө мүмкүндүк берет, бирок кишинин так ушул «жадатмалыгы» үчүн башка динге өтүүгө күнөөлүүлөр жоопкерчилик тартышы керек[175].

Аскер кызматкерлерине «динге тигил же бул мамилени»[176] үгүттөөгө тыюу салуу түшүнүксүз. «Диний уюмдарды» коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучулук-укуктук түрү катары карабастан, бул атоону уюмдун ишмердүүлүк түрүн гана эмес, ага таандык объектилерди дагы – «диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогдор, табынуу үйлөрү, монастырлар ж.б.»[177] деп түшүнүү сунуш кылынат.

«Диний жамааттар» атоосун диний уюмдардын бирикмелерин аныктоо үчүн колдонуу юридикалык жактардын бирикмелерин атоо үчүн «бирикмелер» же «бирликтер» атоолорун колдонгон жарандык мыйзамдарга карама-каршы келет[178].

2008-жылкы мыйзам «Диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басылмаларды, кино, фото, аудио, видео өнүмдөрдү жана башка материалдарды даярдоо, сактоо жана таратуу»[179] үчүн жоопкерчиликти аныктайт, Кылмыш-жаза кодексинин тиешелүү беренеси экстремисттик материалдарды даярдоо жана таратууга тыюу салат, ал эми сактоо болсо сатып алуу, ташуу жана жөнөтүү менен катар эле, эгер алар таратуу максаты менен жасалса, коомго коркунуч туудуруучу деп эсептелет[180].

Жаңы Мыйзам аныктама берген бир катар атоолор мыйзамдын текстинде колдонулбайт. «Секта», «ырасым тажрыйбасы» жана «диний символ» түшүнүктөрү колдонуудагы Мыйзамдын 3-беренесинде гана жана атоолор жана аныктамалар түрүндө гана келтирилбейт жана текстте башка эч бир жерде колдонулбайт.

Мыйзам чыгаруучунун ар кандай диний жана философиялык топтордо бир-биринен айырмаланып түшүнүлүп жана түшүндүрүлгөн атоолорго бирдейлештирилген аныктама берүүгө аракет кылганы мамлекеттин ишенимдердин теологиялык жана философиялык жорумдарына, ошондой эле диний уюмдардын өздөрүн аныктаганына акталбаган кийлигишүүсү болуп саналат.

---

[173] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 5-беренесинин 2-пункту.

[174] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 5-беренесинин 4-пункту.

[175] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 5-беренесинин 4-пункту.

[176] Мыйзамдын 7-беренесинин 2-пункту.

[177] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 8-беренесинин 1-пункту.

[178] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 8-беренесинин 5-пункту.

[179] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 22-беренесинин 8-пункту.

[180] КР Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренеси.

Колдонуудагы Мыйзам боюнча «Дин» «табигаттан тышкаркыга»[181] негизделет, «дин тутуу» «салттуу ырасым тажрыйбасына ээ динге»[182] таандык, мурда 1991-жылкы эски Мыйзамда эле «мусулманчылыктын байыркы каадасы» деп мүнөздөлгөн «сүннөткө отургузуу» жаңы Мыйзамга өзгөрүүсүз өткөн[183]. Мыйзам чыгаруучу бул атоолордун башка аныктамаларынын болушунун мүмкүндүгүн жокко чыгарат, Мыйзам, мамлекеттин турумундай эле, нейтралдуу болбой калат жана ойлонуу эркиндигине таасир этүүгө аракет кылат.

## *Диний ишмердүүлүк жана мамлекеттик каттоо*

Эл аралык стандарттар, өлкөнүн жарандык мыйзамдары юридикалык жак уюштурбастан мыйзамда тыюу салынбаган билим берүү ишмердүүлүгүнө уруксат берет.

Ага чейин колдонулган Мыйзам дин тутуу эркиндигин «жеке өзү же башкалар менен бирдикте»[184] ишке ашырууга уруксат берген жана диний бирикмелерди юридикалык жак макамын алууга мажбурлаган эрежелерди аныктаган эмес. Колдонуудагы мыйзам бул ченемди жокко чыгарып, дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсепке алуучу каттоосу жок диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынат деген эрежени аныктаган[185]. Билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн жеке тартипте дин таануучу сабактарды өтүүгө тыюу салынат[186].

Жарандардын диний бирикмелерин каттоого коюлган чектөөлөр диний бирикмелердин юридикалык жак макамын алышын олуттуу деңгээлде татаалдантып же мүмкүн эмес кылууга мамлекеттин умтулуусун айгинелеп турат. Кабыл алынган эрежелерге ылайык диний уюмдар дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик каттоого турганы тууралуу күбөлүк берилген күндөн тарта диний ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук алат[187].

Эсепке алуучу каттоо үчүн жаңы Мыйзам «зарыл документтерин тиркөө жана алардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында шайкеш келишин текшерүү менен арыз берилген күндөн тартып»[188] 30 күндүк мөөнөттү аныктайт. «Эгерде эсептик каттоого алуу жөнүндө арыз жана тиркелген документтер ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу менен берилсе, анда дин иштери боюнча мамлекеттик орган аларды карабастан туруп арыз ээсине кайтарат» (2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 11-беренесинин 5-пункту). Эгер дин иштери боюнча мамлекеттик орган кошумча маалымат суроону жана тиешелүү органдардын корутундусун алууну, ошондой эле арыз берүүчүнүн уюмдаштыруучу документтерин дин таануучулук экспертизага жөнөтүүнү чечсе, каттоо мөөнөтү дагы бир айга созулат[189].

---

[181] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 3-беренесинин 10-абзацы.

[182] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 3-беренесинин 3-абзацы.

[183] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 21-беренесинин 5-пункту.

[184] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 3-беренесинин 1-абзацы.

[185] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 8-беренесинин 2-пункту.

[186] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 6-беренесинин 7-пункту.

[187] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 1-пункту.

[188] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 3-пункту.

[189] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 3-п. 2-абзацы

Эсепке алуу каттоосунан тышкары диний уюм юстиция министрлигинин органдарында[190], салык органдарында, статистика, ички иштер министрлигинин, социалдык фонд органдарында да мамлекеттик каттоодон өтүшү керек, алар үчүн да документтерди кароонун өз мөөнөтү берилет. Бул органдарында каттоо өткөрүү үчүн өз мөөнөттөрү бекитилген. Юстиция министрлигинин органдарында бул мөөнөт каттоочу органга зарыл документтердин тизмесин тапшыргандан тарта 10 календарлык күндү түзөт[191]. Салык органдарында жалпы эреже боюнча каттоо юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн баштап 15 календарлык күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт[192].

2008-жылкы мыйзам диний уюмдарды гана эмес, диний багыттагы объекттерди да эсептик каттоого алуу эрежелерин аныктайт[193]. Ошентип, Мыйзамдын мааниси боюнча объектинин эсептик каттоого чейин диний ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө тыюу салынган[194].

1991-жылкы мыйзам боюнча юридикалык жакты каттоо үчүн 10 киши болушу зарыл болчу, эми болсо колдонуудагы эреже боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган эки жүздөн кем болбогон киши талап кылынат[195]. Жаңы талаптарга ылайык уюмду каттоо учурунда диний уюмду уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган тизмесин, кыргыз жана орус тилдериндеги уставын көрсөтүү керек[196]. Диний уюмдардын бирикмелери үчүн «жок дегенде бирөө Кыргыз Республикасынын аймагында кеминде он беш жылдан кем эмес өзүнүн иш-аракетин жүргүзүп келген бирдиктүү дин туткан ондон кем эмес диний жамааттын»[197] болушун талап кылуу менен чектөө коюлган.

Андан ары уставга киргизилген каалаган өзгөртүү жана толуктоо диний уюмду эсепке алуу каттоосунун тартибинде жана мөөнөтүндө кайра эсепке алуу каттоосунан өткөрүлүүгө тийиш[198]. Кайра катталуу учурунда мөөнөт мурункудай бойдон калат.

2008-жылкы мыйзам чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларынын (өкүлчүлүктөрүнүн) жана чет өлкөлүк миссионерлердин катталуу жол-жобосун кыйла татаалдантты. 1991-жылкы мыйзам миссиялардын жана миссионерлердин катталуусун тескеген эмес. Миссиялардын жана миссионерлердин катталышын Президенттин 1996-жылдын 14-ноябрындагы (№ УП-319) Жарлыгы менен киргизип, миссиялардын, миссионерлердин жана диний уюмдардын жана диний билим берүүнүн эсептик каттоосу тууралуу убактылуу жоболорду бекемдеген. Ушул эле Жарлыкта Кыргыз Республикасында эсепке алуучу каттоосу жок миссионердик же диний

[190] Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамдын 10-беренесинин 15-п. 3-абзацы, 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 5-пункту.

[191] Юридикалык жактарды мамлекетти каттоо жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 2-пункту.

[192] Салык кодексинин 96-беренесинин 2-пункту.

[193] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 1-пункту.

[194] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 4-пункту.

[195] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 8-беренесинин 3-пункту.

[196] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 2-п. 3-жана 4-абзацтары.

[197] Мыйзамдын 7-беренесинин 5-пункту.

[198] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 10-беренесинин 3-п. 3-абзацы.

мүнөздөгү башка ишмердүүлүк жүргүзүүгө тыюу салынган. Бул убактылуу жоболор 15 жыл ичинде, алардын мазмуну жаңы Мыйзамда кайталанып турганына карабастан, колдонуудагы деген макамын жоготкон жок.

2008-жылкы мыйзам миссионерлердин жана миссиялардын эсепке алуучу каттоодон өтүү тартибине коюлган 1996-жылкы убактылуу жобонун талаптарына кошумча жаңы чектөөлөрдү киргизген. Ага чейин миссиянын эсепке алуучу каттоосуна миссиянын кызматкерлери жөнүндө жобо жана маалыматтар тиркелген арыз берилчү. Жаңы эрежелер боюнча миссия ошондой эле мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык түрдө ырасталган котормосу менен чет өлкө борборунун уставынын көчүрмөсүн, диний борбор катталган өлкөнүн реестринин көчүрмөсүн, миссия жайгашкан жерди ырастаган документти, миссиянын өкүлүнө нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүп берилген ишеним катты жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жарандардын тизмесин дагы бериши керек[199]. Жаңы Мыйзам боюнча диний уюмдар үчүн миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен кеминде 200 жаран талап кылынгандыктан, жолдоочуларынын саны буга жетпеген көп конфессиялар миссиянын ишмердүүлүгүнө уруксат ала алышкан жок.

Миссионерлерди убактылуу жобонун талаптарына ылайык эсепке алуу каттоосу анкетаны жеке өзү толтуруп, өткөрүшүн талап кылчу. Жаңы Мыйзам бул талапка миссионердин котормосу нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн жогору турган уюмдун жолдомосун беришин, ошондой эле диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана миссионерди Кыргызстанга чакырган, Уюмдаштыруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган тизмесин бериши да кошулду. Диний уюмдун кеминде 200 жаран-демилгечиси болушу керектиги тууралуу шарт, алардын тизмеси жергиликтүү өкүлчүлүктүү бийлик органы менен макулдаштырылышы талап кылынганы көп конфессиялар үчүн чет өлкөлүк миссионерди чакыруудагы колдон келгис тоскоолдук болуп калды.

Маалымат…

Эсепке алуу каттоосунун динамикасы жөнүндө расмий маалымат көрсөткөндөй, жаңы Мыйзам күчүнө киргенден бери бир да миссионер же миссия катталган эмес. Буга чейин мындай 2002 жана 2005-жылдарда гана болгон. 1997-жылдан 2008-жылга чейинки мезгил аралыгында дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жыл сайын миссияларды каттоо жүргүзүп турчу, бул жылдары катталган миссиялардын жалпы саны 24 миссия болгон.

2008-жылкы мыйзам миссиялардан жана миссионерлерден катталуу үчүн талап кылынган документтерден тышкары берилген маалыматтын ишенбөө туудурганына же мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка, улут аралык жана конфессиялар аралык келишүүчүлүккө, калктын ден соолугуна жана адеп-ахлактуулугуна коркунуч болгонуна байланыштуу эсепке алуу каттоосунан баш тартууну аныктайт. Миссионерлерди жана миссияларды эсептик каттоого алуу мөөнөтү жөнүндө эрежелер диний уюмдардыкындай эле. Катталууга байланышкан жол-жоболордун баарын өткөн учурда, миссия же миссионер жарамдуулук мөөнөтү 1 жылдан ашпаган каттоо күбөлүгүн алат. Бул мөөнөт аяктаганда буга чейин өткөн жол-жоболордун баарын кайталоо менен кайра каттоо өткөрүлөт[200].

2008-жылкы мыйзам кызыкдар диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл кылуу боюнча атайын эрежелерди киргизген. Бул эрежелерге ылайык «диний уюм мамлекеттик статистика

[199] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 11-беренеси.

[200] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 11-жана 12-беренелери.

органдарына жана салык органдарына, дин иштери боюнча мамлекеттик органга, прокуратура органдарына өзүнүн иш-аракети жөнүндө, жетекчи органдарынын персоналдык курамы жөнүндө, ошондой эле акча каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө жана бөлөк мүлктөрдү пайдалануу тууралу, анын ичинде эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк жарандардан жана жарандыгы жок адамдардан алынган мүлктөрдү пайдалануу жөнүндө иш баяндар камтылган документтерди берүүгө милдеттүү. Аталган документтердин формалары жана аларды берүүнүн мөөнөттөрү дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан аныкталат»[201]. Диний уюм ушул беренеде каралган маалыматтарды белгиленген мөөнөттөрдө системалуу түрдө бербесе, бул аны соттун чечими боюнча жоюуга негиз болушу мүмкүн[202]. Сот чечим чыгаргыча, «дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний уюмдун иш-аракетин токтото турууга чечим кабыл алууга укуктуу»[203]. Диний уюмдун иш-аракетин токтото туруу диний гана эмес, башка дагы каалаган иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга тыюу салынышына алып келет (бюджетке төлөмдөр, зыяндардын ордун толтуруу жана ага чейин түзүлгөн келишимдер боюнча милдеттенмелерин аткаруудан тышкары)[204].

Колдонуудагы эрежелер боюнча мамлекет бир жагынан бирикмелерге, миссияларга жана миссионерлерге эсепке алуучу каттоосу жок ишмердүүлүккө тыюу салат, башка жагынан катталууну каалагандар үчүн көбүнчө басып өткүс тоскоолдуктарды түзөт. Каттоосуз ишмердүүлүк алып баруу жана диний бирикмелердин жетекчилеринин диний бирикмелерди каттоодон качканы үчүн мыйзамда административдик жоопкерчилик каралган[205]. Башка жагынан ишмердүүлүк катталган субъектилердин ишмердүүлүгү мамлекеттик органдардын көзөмөлдөөчү иш милдеттери менен оордотулат.

Жаңы мыйзам саны мыйзамда талап кылынганга жетпеген же демилгечилеринин тизмеси жергиликтүү бийликтин макулдугун ала албаган жарандардын диний бирикмелерин мыйзам бузуп, дин тутуу эркиндигин мамлекеттик каттоосуз турмушка ашырууга, же болбосо катталыш үчүн юридикалык жактын башка уюштуруучулук-укуктук (коомдук фонд, мекеме, коомдук бирикме жана башка) түрлөрүн тандоого түртөт. Миссиялар жана миссионерлер ишмердүүлүгүн мыйзамсыз, мамлекеттик каттоосу жок жүргүзүүгө туура келет. Натыйжада мамлекет, анын механизмдеринин бири – субъектилерди каттоо – кесинди түрдө берилгендиктен, диний чөйрөдө толук кандуу катышуу жана тескөө мүмкүнчүлүгүнөн айрылып жатат.

Маалымат:

Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий маалыматы боюнча Мыйзамдын жаңы редакциясы күчүнө киргенден баштап расмий каттоодон православие конфессиясындагы 3 жана мусулман конфессиясындагы 135 уюм өтө алган. 2009-жылдан 2011-жылга чейин «диний уюмдар» деген уюштуруучулук-укуктук түрдө башка конфессиядагы бир да уюм катталган эмес. 2008-жылы жаңы мыйзам кабыл алынганга чейин жыл сайын башка конфессиялардагы диний бирикмелер да мамлекеттик каттоодон өткөн.

[201] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 26-беренесинин 4-пункту.

[202] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 26-беренесинин 7-пункту.

[203] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 27-беренесинин 2-пункту.

[204] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 28-беренеси.

[205] Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 395-жана 402-беренелери.

## *Диний багыттагы мүлк жана объектилер*

Диний уюмдардын мүлкү боюнча 1991-жылкы мыйзам имараттар, курулуштар, ырасым буюмдары, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук багыттагы объектилер, акча каражаттары жана ишмердүүлүгүн камсыз кылууга зарыл болгон башка мүлккө, анын ичинде чет мамлекеттердеги мүлккө ээлик кылуу боюнча кеңири мүмкүндүктөргө жол берген[206]. 2008-жылкы мыйзам, чет өлкөдөгү мүлктү кошпой, бул эрежелерди ошондой эле миссияларга жана диний окуу жайларына да жайылтты. Бул мүмкүндүктү алып салганына карабастан, башка өлкөлөрдө мүлк сатып алууга тике тыюу салуу жоктугу диний ишмердүүлүк субъектилерине мындай бүтүмдөрдү жасоого жол ачат.

2008-жылкы Мыйзамдын жаңы эрежелери катары миссиянын жобосунда "миссияны кайра уюштуруу же жоюу учурунда миссиянын архитектуралык, маданий жана тарыхый баалуулук болуп саналган менчиги Кыргыз Республикасынын аймагында калууга тийиштиги" көрсөтүлүшү керек деген ченемди миссияларга милдеттендирүүнү санаса болот[207]. Миссия юридикалык жак болуп саналбайт[208], демек жарандык укуктук жана ишке жөндөмдүүлүккө ээ эмес жана ошондуктан өз атынан жана өз аракеттери менен укуктарды жана милдеттерди, анын ичинде колдонуу укугун да, ээлик кылуу укугун да ала албагандыктан, мыйзам чыгаруучу бул ченемди кандайча ишке ашырууну каалаганы түшүнүксүз бойдон калууда. Башка жагынан, эгер сөз Кыргыз Республикасынын аймагына келген чет өлкөлүк диний уюмдун мүлкү тууралуу болуп жатса, анда бул мүлктү ээсинин макулдугусуз калтыруу тууралуу эрежелерди чет өлкөлүк диний уюмдун жеке менчик укугун бузуучу деп тапса болот. Үчүнчүдөн, бири өлкөдө калтырууну талап кылып, экинчиси мүлктү ээсине же мураскоруна кайтарып берүүнү талап кылган эки ченемдин ортосунда карама-каршылык бар. Натыйжада чет өлкөлүк диний уюмдун миссиясы кийин мамлекет архитектуралык, маданий жана тарыхый баалуулук деп баалап, өлкөдө калтырылышы мүмкүн болгон буюмдарды алып кирүүдөн баш тартууга муктаж болот. 2008-жылкы Мыйзамдын ченеми, ошентип, миссиялардын ишмердүүлүгүнө кошумча чектөө киргизет.

Өз ишмердүүлүгүн токтоткон диний уюмдардын жана миссиялардын укук кабыл алуучусу табылбаган калган мүлкү боюнча анын автоматтык түрдө мамлекеттин мүлкүнө өтүшү тууралуу эреже аныкталган[209]. Буга байланыштуу мамлекет ишмердүүлүгүн токтоткон субъектинин милдеттенмелери боюнча да укук кабыл алуучу болуп калабы деген суроо туулат.

## *Никеге туруу жана ажыраштыруу диний ырым-жырымы*

Нике жарандык абал актыларын жазуу органдарында түзүлөт[210]. Ошентип, мамлекет диний эрежелер боюнча түзүлгөн никени кабыл албайт. 2008-жылкы мыйзам, 1991-жылкы мыйзамдай эле, мусулманчылык адаты боюнча мечитте, үй бүлөдө нике кыюуга, ошондой эле христиандар үчүн крещениеге, жарандык каттоого алуу менен катар чиркөөдө нике кыюуга жол берет[211], башка диндердин эрежелери боюнча никеге туруу мүмкүндүктөрү эскертилбейт.

---

[206] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 1 жана 3-абзацтары.

[207] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 19-беренесинин 1-пункту.

[208] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 11-беренесинин 12-пункту.

[209] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 19-беренесинин 4-пункту.

[210] Үй-бүлөлүк кодекстин 11-беренеси.

[211] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 21-беренесинин 5-пункту.

## *Альтернативалуу (аскердик жана аскерден тышкары) кызмат өтөө*

Жарандык милдеттерди аткаруу боюнча 1991 жана 2008-жылдардагы Мыйзамдар эч ким өзүнүн диний ынанымдарынын жүйөлөрү боюнча мыйзамдарда белгиленген жарандык милдеттерди аткаруудан четтөөгө укугу жок. Диний ынанымдарынын жүйөлөрү боюнча бир милдетти башкасына алмаштырууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана жол берилет[212] деген эрежени аныкташкан.

Жарандык милдеттердин бири – аскерге чакырылуу курагына жеткен эркек жынысындагы жарандардын Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүмдөрүндө кызмат өтөө милдети. «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы аскердик милдети, аскердик жана альтернативалуу кызматтар жөнүндө» мыйзамга ылайык альтернативалык кызмат жарандарга мөөнөттүү аскердик кызматтын ордуна берилген кызматтын түрү катары, жаш курактык мүнөздөмөлөрү, диний ишенимдери, үй-бүлөлүк абалы, соттолгону же саламаттыгынын абалына байланыштуу аныкталышы мүмкүн[213].

Мыйзам чыгаруучу аскерди кызматка чакырылуудан башка, кишинин диний ынанымдарына байланышпаган себептер менен, ошондой эле дин тутуу эркиндигин жеке же бир диний бирикмеде, анын ичинде катталган юридикалык жактын макамына ээ болбогон диний уюмда бошотулушун караган эмес. Мыйзам боюнча жаран, эгерде ал диний окуусу курал колдонууга жана Куралдуу Күчтөрдө кызмат кылууга жол бербеген катталган диний уюмдун мүчөсү болсо, альтернативалык кызматка чакырылат[214].

Аскерден тышкары альтернативалык кызматты уюштурууга байланышкан маселе жетиштүү деңгээлде тескелбеген бойдон калууда. 2009-жылы «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы аскердик милдети, аскердик жана альтернативалуу кызматтар жөнүндө» мыйзамдын жаңы редакциясында мыйзам чыгаруучу «аскерден тышкары» атоосун колдонуудан такыр баш тарткан. Айрым диний ишенимдер үчүн аскердик кызмат гана эмес, мамлекеттик аскердик мекеменин ишмердүүлүгү менен байланышкан каалаган башка кызмат да өтөөгө болбойт. Аскердик милдет жөнүндө жаңы мыйзамдын эрежелери альтернативалык кызматтын аскерден тышкары мүнөзүн камсыз кылбайт. Альтернативалык кызмат өтөө альтернативалык кызмат өтөп жаткандар чакырылган жери боюнча райондук (шаардык) комиссариаттар аркылуу Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин атайын эсебине акчалай төлөм салышын билдирет[215]. «Альтернативалуу (аскерден тышкары) кызмат жөнүндө» мыйзамдардын эски редакцияларында «альтернативалык (аскерден тышкары) кызматты уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги тарабынан аткарылары»[216] тууралуу эреже каралган. 2010-жылкы Конституция «аскерден тышкары» кызмат[217] атоосун колдонууга кайтарды, ошентип, мыйзамдарды негизги мыйзамдын жоболоруна туура келтирүү боюнча иштер алдыда.

---

[212] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 4-беренесинин 10-пункту.

[213] Жалпы аскердик милдет жөнүндө мыйзамдын 32-беренесинин 1-пункту.

[214] Жалпы аскердик милдет жөнүндө мыйзамдын 32-беренесинин 2-п. 3-абзацы.

[215] Жалпы аскердик милдет жөнүндө мыйзамдын 32-беренесинин 4-пункту.

[216] 1992-жылкы жана 2002-жылкы «Альтернативалуу (аскерден тышкары) кызмат жөнүндө» Мыйзамдардын 4-беренелери.

[217] 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 56-беренесинин 2-пункту.

## Салык салуу жана диний уюмдардагы социалдык коргоо

1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын эрежелерине ылайык диний уюмдарга каржылык жана мүлк түрүндөгү садага берүүгө салык салынчу эмес[218]. 2008-жылдын 17-октябрындагы оңдоо менен бул жобо 1991-жылкы Мыйзамдан алынып салынган. 2008-жылкы мыйзам «Диний уюмдардын өндүрүштүк ишмердүүлүктөн алынган пайдасына жана башка кирешесине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык салынат» деп аныктайт.

Жарандардын, анын ичинде диний кызматкерлердин диний уюмда иштеп тапкан кирешесине салык салуу боюнча Дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү мыйзамдардын бардык редакциялары башынан салык салууну аныктаган.

1991-жылкы мыйзам социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо жөнүндө мыйзамдардын ченемдерин диний уюмдарда жана алар түзгөн башка уюмдарда эмгек келишими боюнча иштеген кишилерге жайылтчу. Диний уюмдар жана алар түзгөн уюмдар Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу фондуна жана өлкөнүн Пенсиялык фондуна чегеримдерин төлөп туруунга милдеттүү болушчу[219]. 2008-жылкы Мыйзам боюнча диний уюмдар жана алар түзгөн уюмдар «мыйзамдарда каралган тартипте жана өлчөмдө мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөрдү жүзөгө ашырат»[220]. 2008-жылкы Мыйзамдын текстинен мында жарандар диний уюм менен эмгектик мамиледе турабы же жарандык-укуктук мамиледеби – ачык болбойт.

## Көргө коюу укугу

2008-жылкы мыйзам ар кандай дин туткан кишилердин көрүстөндөрдү пайдаланышын тескебейт. Бийлик органдары үчүн көрүстөндү уюштурууда диний таандыктыгын эсепке алуу талабы коюлган эмес. Жаңы Мыйзам төмөнкүдөй шилтеме ченемди орнотту:«Диний ишенимдерге жараша калыптанган көрүстөндөрдү пайдалануу эрежелерин жана көрүстөн жыйымдары жөнүндө жоболорду таануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоболору менен жөнгө салынат»[221]. Кыргызстанда бирдиктүү ченемдер жок болгондуктан, диний көпчүлүк жашаган жерлерде көрүстөндөрдү колдонуу, ошондой эле аларда диний каадаларды жасоо боюнча кагылышуулар келип чыгат.

«Терроризмге каршы аракет кылуу жөнүндө» мыйзам төмөнкүдөй эрежени орнотот: «террористтик актыга бөгөт коюунун натыйжасында өлгөн террористтерди көмүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте жүргүзүлөт. Мында алардын денелери көмүүгө берилбейт жана алар көмүлгөн жер тууралуу билдирилбейт»[222]. Мыйзам кири терроризмди жасаганга күнөөлүү деп табылуучу жол-жоболор жана эрежелер көрсөтүлбөгөндүктөн, мыйзамдын ченемдерин ар кандай түшүнүү жана колдонуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

[218] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 11-беренесинин 5-абзацы.

[219] 1991-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 20-беренеси.

[220] Мыйзамдын 25-беренесинин 1-пункту.

[221] 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 16-беренесинин 3-пункту.

[222] «Терроризмге каршы аракет кылуу жөнүндө» мыйзамдын 36-беренеси.

## 7-бөлүк. Дин тутуу эркиндигине укукту камсыздоо боюнча сунуштар

1. «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» колдонуудагы мыйзамды Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына жана Кыргыз Республикасы катышкан адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин алкагында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерине ылайык келтирүү максатында кайра карап чыгууну камсыз кылуу.

2. Көз караштардын же ынанымдардын ар түрдүүлүгүн сыйлоо, адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо максатында дин тутуу жана ынаным эркиндиги маселелери боюнча иштеген бийлик органдарынын кызматкерлерин окутууну камсыз кылуу. Бийлик органдарынын жана алардын кызматкерлеринин көнүмүшүнөн диний уюмдарга карата колдонулуучу туура эмес (басынтуучу жана кодулоочу) терминологияны жок кылуу. Бийлик органдарынын диний уюмдарга карата мыйзам чегинде жана тең мамиле кылышын камсыз кылуу.

3. Диний, атеисттик жана башка ынанымдардын ар түрдүүлүгү жөнүндө коомго билим берүүгө өбөлгө түзүү. Башкарууга мамлекет катышкан каналдарга тиешелүү программалардын чыгышын камсыз кылуу, бул маселелерди чагылдыруу жана программа жаратууга жеке каналдарга дем берүү. Динге ишенгендердин абалына терс таасирин тийгизген стереотиптерге каршы күрөшүүгө көңүл буруу. Агартуу, билим берүү жана жардам берүү жолу менен радикалдаштырууга каршы күрөш жүргүзүү.

4. Бийлик органдары менен конфессиялардын ортосунда жемиштүү кызматташууну, ошондой эле конструктивдүү конфессия аралык маекти жөнгө салуу. Буга байланыштуу конфессия аралык мамиле түзүү форматтарын уюштуруу боюнча эл аралык уюмдардын ушундай тажрыйбасына кайрылуу. Мамлекет протоколдук милдет аткарышы: конфессиялар менен аракеттешип, актуалдуу маселелерди аныктап, аларды чечүү жолдорун издеши керек.

5. Диний уюмдарды каттоо жол-жобосу өркүндөтүүгө, юридикалык жактарга карата колдонулуучу, ошондой эле уюмдардын ичинде болгон эрежелерди, түзүмүн жана башкаруу органдарын эске алуучу ыкмаларга ылайык келтирилүүгө муктаж. Динге ишенгендерди же диний уюмдарды укуктук эмес ченемдердин аракетинин натыйжасында укук бузуучуларга айландырган тажрыйбанын кемчиликтерин жоюу зарыл.

6. Укукка каршы максаттарды (анын ичинде динди да колдонуу менен) көздөгөн уюмдарга каршы күрөшүүнүн укуктук механизмин колдонууну камсыз кылуу. «Секта», «салттуу дин», «деструктивдүү уюм », «тоталитардык уюм» сыяктуу укуктук эмес категорияларга негизделген чечимдерди кайра кароону камсыз кылуу, чечимдерди мыйзамга ылайык келтирүү. Бул маселелерди дин таануучулук экспертиза уюштурууда козгоо.

7. Диний уюмдар менен иштешүүдө билим берүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат, диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө коомго пайдалуу ишмердүүлүктү колдоо боюнча жалпы стратегиясынын алкагында колдоо көрсөтүү, коомдун жана көз караштардын колдонуудагы конституциялык укуктук талаа жана эл аралык ченемдерге ылайык көп түрдүүлүгүн эске алуу чөйрөсүндө мамлекеттик-конфессиялык өз ара мамилелерди жөнгө салууга бирдиктүү ыкма иштеп чыгуу зарыл.

## 1-тиркеме. «Дин тутуу жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамдын долбоору[223]

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

МЫЙЗАМ

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө»

### *1-глава. Жалпы Жоболор*

**1-берене.** Ушул мыйзамдын жөнгө салуу предмети

Ушул мыйзам дин тутуу эркиндиги укугун жүзөгө ашыруу, диний уюмдардын иш-аракеттери чөйрөсүндөгү мамилелерди, ошондой эле мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

**2-берене.** Мыйзамдын милдеттери

Ушул мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясында, ошондой эле адам укугу жөнүндөгү эл аралык актыларда жана макулдашууларда бекитилген ар бир адамдын дин тутуу эркиндигинин жүзөгө ашырылышына кепилдик берет, диний уюмдардын укуктук статусун жана иш-аракети чөйрөсүн, мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелердин принциптерин аныктайт.

**3-берене.** Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдар

1. Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан жана ага ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актылардан турат.

2. ушул Мыйзамга карама-каршы келген ченемдик укуктук актыларды чыгарууга жол берилбейт.

3. Ушул Мыйзамга башка мыйзамдардын дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү жоболору карама-каршы келген учурда, ушул Мыйзамдын жоболору иштейт.

4. Ушул Мыйзам атеисттик жана динге тиешеси болбогон башка ынанымдар маселелерин жөнгө салбайт, диний мүнөздө болбогон атеисттик жана башка көз караштагы уюмдардын иш-аракеттерине күчү жайылтылбайт.

**4-берене.** Эл аралык келишимдер

Эгерде эл аралык келишим аркылуу Кыргыз Республикасынын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдагы эрежелерден айырмаланган эрежелер орнотулса, анда эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат.

---

[223] 2010-жылдын 30-августундагы долбоор. «Ачык ой-пикир» коомдук фондунун катышуусу жана дин тутуу эркиндиги боюнча ЕККУ/ДИАУБ эксперттер панелине кирген Роман Подопригораны ишке тартуу менен БУУнун АУЖКБ Аймактык башкармалыгынын колдоосу аркылуу иштелип чыккан.

**5-берене.** Дин тутуу эркиндигине укуктуулук

1. Кыргыз Республикасынын аймагындагы ар бир адам дин тутуу эркиндигине укуктуу, б.а., дин тутууга, кабыл алууга же алмаштырууга, жеке түрдө же башкалар менен биргелешин, эл алдында же жекече тутууга, табынууга, диний жана каада ырым-жырымдарын аткарууга, диний ынанымдарды таратууга жана аларга ылайык аракеттенүүгө укуктуу.

2. Дин тутуу эркиндигине укуктуулук жеке да, коллективдүү формада да жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

3. Ушул Мыйзамдын жоболорунун күчү Кыргыз Республикасынын жарандарынан сырткары дагы Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет өлкөлүк жарандарга да, жарандыгы жок адамдарга да таралат.

**6-берене.** Дин тутуу эркиндигине укуктуулуктун мазмуну

1. Дин тутуу эркиндигине укуктуулуктун мазмуну төмөнкүдөй аракеттерди жасоодон билинет:

1) ырым-жырымдарды аткаруу, кудайга табынууну жана башка диний аземдерин аткаруу, диний жыйналыштарын өткөрүү, ушул максатка ылайык жерлерди түзүү жана кармоо;

2) кайрымдуулук жана гуманитардык мекемелерди түзүү жана кармоо;

3) диний ырым-жырымдар, адат жана ынанымдар менен байланышкан керектүү буюмдар менен материалдарды өндүрүү, сатып алуу жана колдонуу;

4) диний муктаждыктарды канааттандыруу менен байланышкан басылмаларды жана башка материалдарды даярдоо, басып чыгаруу жана таратуу;

5) бул максатка туура келген жерлерде дин же ишенимдерге байланыштуу маселелерди окутуу жана үйрөтүү;

6) өз ыктыяры менен берилген каржылык жана башка кайыр салымдарын суроо жана алуу;

7) бул же тигил диндин ченемдерине ылайык диний уюмдардын жетекчилерин даярдоо, дайындоо, шайлоо же кызматынан бошотуу;

8) өзүнүн иерархиялык жана институционалдык түзүлүшүнө ылайык уюштуруу;

9) диний майрамдарды сактоо;

10) улуттук жана эл аралык деңгээлде дин жана ишеним чөйрөсүндө айрым адамдар жана жамаатчылыктар менен байланыш түзүү жана аны сактоо..

2. Динге карата мамилени аныктоого, кудайга табынууга, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга же катышпоого, динге үйрөтүүгө мажбурлоого жол берилбейт..

**7-берене.** Дин тутуу эркиндиги жана жарандардын тең укуктуулугу

Динге болгон мамилесине карабастан ар бир адам экономикалык, саясий, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында мыйзам алдында тең.

2. Жарандардын алардын динге карата мамилесине жараша укуктарын түз же кыйыр түрдө чектөө жана кошумча милдеттенмелерди орнотуу же кандайдыр бир артыкчылыктарды белгилөө, ошого тете эле касташуу жана жек көрүүчүлүктү ойготуу же алардын динге карта мамилесине

байланыштуу сезим-туюмун атайлап мазактоо, тигил же бул дин тарабынан урматталуучу табынуу буюмдарын, курулуштарын жана жерлерин маскаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке кириптер кылат.

3. Эч ким динге карата өзүнүн мамилесин билдирүүгө милдеттүү эмес. Расмий документтерде жарандын динге карата мамилесинин белгиленишине жол берилбейт.

**8-берене.** Диний ынанымдар жана жарандык милдеттер

1. Мамлекет дин туткандардын диний ынанымдарын сыйлайт жана керектүү учурларда диний ынанымдарга туура келбеген жарандык милдеттерди алмаштырууга жол ачкан актыларды кабыл алат.

2. Эгерде аскер кызматын өтөө жарандардын диний ынанымдарына карама-каршы келсе, анда алар аскер кызматын альтернативалык (аскерден тышкаркы) кызматка алмаштырууга укуктуу. Аскер кызматын алмаштыруу тартиби мыйзам менен жөнгө салынат.

**9-берене.** Дин тутуу эркиндигине укуктуулукту чектөө

Дин тутуу эркиндигин жүзөгө ашыруу коомдук коопсуздукту, тартипти, башка адамдардын ден соолугун, адеп-ахлагын же укуктары менен эркиндиктерин сактоо максатында гана чектелиши мүмкүн.

## *II-глава. Мамлекет жана диний уюмдар*

**10-берене.** Диний уюмдарды мамлекеттен бөлүү

1. Диний уюмдар мамлекеттен бөлүнгөн.

2. Эч бир дин мамлекеттик, расмий же милдеттүү дин катары орнотулбайт.

3. Диний уюмдар кандайдыр бир мамлекеттик функцияны аткарышпайт, мамлекет диний уюмдардын иш-аракеттерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына гана каршы келбесе, кийлигишпейт.

4. Диний уюмдар мамлекеттик органдардын жана мамлекеттик кызматкерлердин шайлоолоруна катышпайт.

5. Диний уюмдар саясий максаттарды көздөгөн саясий партияларды же башка уюмдарды түзө албайт жана алардын иш-аракеттерине катыша албайт.

6. Кудайга табына турган жерлерде шайлоо кампаниялардын, референдумду даярдоо жана өткөрүү жана башка саясий мүнөздөгү иш-чаралардын алкагында чогулуш жана эл катышкан иш-чараларды өткөрүүгө жол берилбейт.

7. Мамлекет тарыхый жана маданий баалуулук болуп эсептелген мүлктү сактоо учурларынан башка учурларда диний уюмдарды каржылабайт.

8. Мамлекеттик органдардын иш-аракети диний ырым-жырымдардын же башка диний иш-чаралардын аткарылышы менен коштоло албайт. Мамлекеттик кызматкерлер динге карата мамиленин калыптанышына, диний уюмдар менен дин туткандар үчүн артыкчылыктарды же тоскоолдуктарды түзүү максатында кызматтык абалынан пайдаланууга укуксуз.

9. Диний уюмдарды мамлекеттен бөлүү диний уюм мүчөлөрүнүн шайлоо укуктарынын чектелишин, алардын мамлекеттик кызматка жете алуусунун, ошого тете мамлекеттик кызматкерлердин диний укуктарынын чектелишин билдирбейт.

**11-берене.** Диний уюмдардын теңдиги

1. Бардык диний уюмдар мыйзам алдында тең. Эч бир динге же диний уюмдарга башкаларга карата эч кандай артыкчылык же жогору баалоо берилбейт.

2. Мамлекет дин туткан жана аны тутпаган жарандардын ортосунда, ар кандай диндерди туткан диний уюмдардын, алардын жолун жолдоочулардын ортосунда өз ара сабырдуу жана бирин-бири сыйлаган мамилелердин орнотулушуна көмөк көрсөтөт.

**12-берене.** Диний уюмдардын автономиясы

1. Мамлекет Кыргыз Республикасынын мыйзамдары толук сакталган шарттарында диний уюмдардын ички тартиби жана өз иш-аракетинде аларды жетекке алуу мүмкүнчүлүгү менен эсептешет.

2. Диний уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын жана укук тартибин сактоого милдеттүү. Уюмдун диний мүнөздө болушу, өз ченемдеринин жана эрежелеринин бар болушу мыйзамдын ченемдеринен баш тартуу үчүн негиз боло албайт.

**13-берене.** Мамлекет менен диний уюмдардын кызматташтыгы

1. Мамлекет менен диний уюмдар билим берүү, агартуу, кайрымдуулук чөйрөлөрүндө, ошондой эле социалдык жана медициналык жардам берүү чөйрөлөрүндө кызматташуусу мүмкүн.

2. Мамлекет диний уюмдарга маданий имараттарды жана тарыхый, маданий баалуулук болуп таанылган башка мүлктү оң абалда кармоого, коомдук мааниге ээ болгон диний иш-чараларды өткөрүүгө жардам бериши мүмкүн.

**14-берене.** Диний уюмдар менен байланыш түзүү боюнча мамлекеттик органдар

1. Диний уюмдар менен байланыш түзүү боюнча мамлекеттик органдар бийликтин аткаруу органдары тутумунда түзүлөт. Ага төмөнкүдөй милдеттер жүктөлөт:

1) мамлекеттик органдар үчүн мамлекеттик конфессиялык саясат боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

2) бирдиктүү мамлекеттик конфессиялык саясатты жүзөгө ашыруу максатында мамлекеттик органдардын иш-аракетин координациялоо;

3) өлкөдөгү диний кырдаал менен таанышуу жана аны иликтөө, диний уюмдар жөнүндөгү маалыматтар банкын топтоп жүргүзүү;

4) жарандар, мамлекеттик органдар, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү;

5) мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаны изилдөө;

6) дин тутуу жана диний уюмдар маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү маалыматтар менен мамлекеттик органдарды камсыздоо;

7) мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты жүзөгө ашырууга көмөктөшүү;

8) эксперттик дин таануу ишин уюштуруу;

9) мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды даярдоо;

10) мамлекеттик кызматкерлерди дин таануу боюнча даярдыгына көмөктөшүү.

2. Мамлекеттик орган мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү деңгээлинде өз бөлүмдөрүнө ээ боло алат.

## *III-глава. Мамлекет жана диний билим берүү*

**15-берене.** Диний билимге жана тарбияга укуктуулук

1. Ар бир адам диний ынанымдарына ылайык тарбиялануууга жана билим алууга укуктуу.

2. Билим берүү чөйрөсүндө диний белги боюнча дискриминациялоого жол берилбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жаза берилет.

3. Ата-эне же алардын ордундагы адамдар өз балдарын ынанымдарына жараша балдарын тарбиялоого жана окутууга укуктуу.

4. Балдарды динге тартуу боюнча зордоо чараларына жол берилбейт.

5. Диний уюмдар тарабынан түзүлгөн жана мамлекеттик органдарда катталган билим берүү уюмдарында окуган жарандар Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамына ылайык берилген жеңилдиктерден пайдаланышат.

6. Диний билим берүү жана тарбиялоо жеке (өз алдынча, үй-бүлөлүк) тартипте же билим берүү уюмдарында ушул мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

7. Диний уюмдар тарабынан түзүлгөн билим берүү уюмдарын эсепке албаганда, билим берүү уюмдарында диний уюмдарды түзүүгө жол берилбейт.

**16-берене.** Жеке тартипте диний билим берүү

Ар бир адам өз алдынча же башкалар менен бирдикте атайын билим берүү уюмдарын түзбөй эле же аларга барбай эле диний билим алууга укуктуу.

**17-берене.** Мамлекеттик билим берүү уюмдарындагы диний билим берүү

1. Мамлекеттик билим берүү уюмдары диний уюмдарынан ажыратылган.

2. Мамлекеттик уюмдарда өз ыктыяры менен дин таануу дисциплиналарын окутууга жол берилет.

3. Мамлекеттик жогорку окуу жайларында диний багыттагы дисциплиналардын окутулушуна жол берилет, эгерде мындай дисциплиналар адистик боюнча даярдоонун зарыл элементи болсо жана мамлекеттик билим берүү стандартына киргизилсе.

4. Мамлекеттик уюмдардын администрациясы окугандардын диний ынанымдарын сыйлоого жана окуу жайында диндерге карата сабырдуулук режимин түзүүгө милдеттүү.

**18-берене.** Билим берүүнүн мамлекеттик эмес уюмдарындагы диний билим берүү

1. Диний уюмдар диний жана (же) жарандык билимге ээ кылуучу мамлекеттик эмес билим берүү уюмдарын түзө алышат.

2. Жарандык билимге ээ кылуучу мамлекеттик эмес билим берүү уюму түзүлгөн учурда, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензиялоодон өткөрүлүүгө тийиш.

3. Диний уюмдар алар түзгөн мектептерде, колледждерде, институттарда, академияларда жана башка билим берүү уюмдарында эркин түрдө диний билим беришет.

4. Диний дисциплиналарды окутуу башка (диний эмес) уюмдар тарабынан түзүлгөн мамлекеттик эмес окуу жана тарбиялоо жайларында ыктыярдуу негизде жүргүзүлүшү мүмкүн.

5. Билим берүү жана тарбиялоо иш-аракеттерин жүргүзүү максатында диний уюмдар өз алдынча укуктук статусу болбогон жана мамлекеттик органдарында катталбаган өздөрүнүн ички бөлүмдөрүн түзө алышат.

## *IV-глава. Диний уюмдар*

**19-берене.** Диний уюмдар

Диний уюм деп, ушул мыйзамдын максаттары үчүн жарандар тарабынан ыктыярдуу тартипте же иш-аракеттерин жүргүзүп жаткан диний уюм(дар) тарабынан диний муктаждыктарды жана таламдарды канааттандыруу үчүн түзүлгөн жана төмөнкүдөй белгилерге жооп берген уюм таанылат:

1) уюштуруучулук бирдик;

2) жалпы диний окуу;

3) диний тажрыйба же дин менен байланышкан иш-аракет (башкаруучулук, тейлөө, кайрымдуулук, билим берүү иш-аракети).

**20-берене.** Диний уюмдардын түрлөрү

1. Диний уюмдар деп, жергиликтүү диний уюмдар, алардын бирикмелери, диний окуу жайлары, диний борборлор, ошону менен бирге жарандар же диний уюмдар тарабынан уюштурулган түзүмдөр таанылат.

2. Жергиликтүү диний уюмдар аймактык жана республикалык диний уюмдарды түзө алат.

3. Аймактык жана республикалык диний уюмдар өлкөлөрүндөгү мыйзамдарга ылайык катталган чет өлкөлүк диний борборлор (уюмдар) тарабынан түзүлө алат.

4. Диний уюмдар катталган жана катталбаган болуп, иштей алат.

5. Катталбаган уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болгон тарап менен укуктук мамилелерди түзө албайт. Ошондой эле катталбаган уюмдар өз атынан укуктук мамилелерди түзө албайт, керек болгон учурларда алардын укуктары менен таламдары катталбаган уюмдардын мүчөлөрү болгон жарандар аркылуу жүзөгө ашырылат.

6. Диний уюмдар, алардын башкаруу органдары, арасында Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда жайгашкан уюмдар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык

жөнгө салынбаган мамилелер алардын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары ортосундагы макулдашууларга ылайык чечилет.

**21-берене.** Диний уюмдарды каттоо

1. Диний уюмдардын катталышы алардын юридикалык жак укугун алгандыгын билдирет жана жарандардын жана (же) диний уюмдардын демилгеси боюнча юридикалык жактарды каттоону жүргүзгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Диний уюмдар мамлекеттик каттоодон өтүүгө милдетүү эмес.

3. Жергиликтүү диний уюм 10 кем эмес жашы толгон жарандардын демилгеси боюнча уюштурулат.

4. Жергиликтүү уюм иштеп жаткан диний уюмдун түзүмдүк (жергиликтүү) бөлүмү катары түзүлгөн учурда иштеп жаткан диний уюмдун түзүлүп жаткан уюмду өз курамына киргизүү чечими талап кылынат.

5. Диний уюмдар иштеп жаткан чет өлкөлүк, республикалык, аймактык диний уюмдардын түзүмүнө кирүүгө милдеттүү эмес.

6. Диний уюмдар башкаруу органы жайгашкан жерден каттала турган аймактык же республикалык диний уюмду түзө алат.

7. Юстиция органдарында катталган диний уюмдар диний окуу жайларын жана башка диний уюмдарды түзүүгө укуктуу.

8. Мамлекеттик каттоо, кайра каттоо, каттоодон баш тартуу Кыргыз Республикасынын күчүндө турган мыйзамдарында каралган тартипте жана мөөнөттө ишке ашырылат.

9. Мамлекеттик органдар дин таануу же башка экспертизаны өткөрүү, ошону менен бирге диний уюм тарабынан берилген документтер боюнча адистин бүтүмүн алуу зарылдыгы пайда болгон учурларда бир айдан ашпаган мөөнөткө мамлекеттик каттоону токтотушу мүмкүн.

**22-берене.** Диний уюмду жоюу

1. Диний уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жана негизде жоюлат.

2. Диний уюм мүчөлөрүнүн саны 10 кем болгон учурда жоюла албайт.

**23-берене.** Диний уюмдун уставы (жобосу)

1. Юридикалык жак катары катталган диний уюм өз иш-аракеттерин төмөнкүлөрдү камтыган уставдын (жобонун) негизинде жүзөгө ашырат:

1) аталышы;

2) башкаруу органы жайгашкан жери;

3) кайсы бир динге таандыгы;

4) иш-аракеттеринин максаты жана түрлөрү;

5) түзүмү, калыптануу тартиби, башкаруу органдарынын компетенциясы жана ыйгарым укуктарынын мөөнөтү;

6) мүчөлөрүн кабыл алуу жана аларды курамдан чыгаруу (мүчөлүктүн бар болушу учурунда);

7) мүлктүн пайда болуу булактары;

8) уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби;

9) кайра түзүү жана жоюу тартиби.

2. Кайсы бир динге таандыгы түзүүчү(лөр) тарабынан аныкталат.

3. Диний уюмду түзүү учурунда мүчөлөрдү кабыл алуу жана чыгаруу жарандардын эркин билдирүү тартибинде көрсөтүлөт. Ушул статьянын максаттарына жараша уюмдун уставына ылайык түзүүчүлөр  жана уюмга атайын кабыл алынган дин туткандар мүчөлөр болуп эсептелет.

Диний ченемдерге ылайык мүчөлүк диний уюмдун ички эрежелери менен жөнгө салынат.

4. Диний уюмдун түзүлүшү, калыптануу тартиби, компетенциясы жана башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү диний уюмдун ички эрежелерин эске алуу менен аныкталат.

5. Диний уюмдун уставында Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана күчүндө турган мыйзамдарга карама-каршы келген жоболордун камтылышы мүмкүн эмес.

## *V-глава. Дин тутуу эркиндигине байланыштуу жарандардын жана диний уюмдардын укуктары*

**24-берене.** Диний ырым-жырымдар жана аземдер

1. Жарандар жана диний уюмдар кудайга табынуу же диний чогулуштарды өткөрүү жайларын, ошондой эле бул же тигил диндин жолун жолдоочулары тарабынан ыйык деп эсептелген зыярат кылуучу жана башка жерлерди  күтүүгө жана кармоого укуктуу.

2. Кудайга табынуу, диний ырым-жырымдар жана башка аземдер табынуу имараттарында, зыярат кылуу жерлерде, диний уюмдардын менчиги болгон, ижарага алынган же башка негиздеги жайларда, көрүстөндөрдө жана крематорийлерде, ошондой эле жарандардын батирлеринде жана үйлөрүндө  тоскоолсуз өткөрүлөт.

3. Жарандар жана диний уюмдар диний ырым-жырымдарды жана аземдерди аскер бөлүктөрүндө, ооруканаларда жана дарылоо-оорулардын алдын алуу мекемелерде, карылар жана майыптар үйлөрүндө жана башка социалдык мекемелерде, алдын ала камоо жана жазаны өтөө жайларында өткөрүүгө жана аларга катышууга укуктуу. Аскер бөлүктөрүнүн башкармалыгы жана аталган мекемелердин администрациясы жарандардын дин тутуу эркиндигине укуктуулугун ишке ашырууга жана диний кызматчыларын чакырууга, кудайга табынуу, ырым-жырымдарды, аземдерди өткөрүү убактысын, жерин жана башка шарттарды аныктоого көмөктөшүүгө тийиш.

Ушул пункутта көрсөтүлгөн диний ырым-жырымдар жана аземдер аталган мекемелердин режимдик тартибине ылайык өткөрүлөт.

4. Ушул статьянын 2- жана 3-пункуттарында көрсөтүлбөгөн учурларда жарандардын муктаждыктарын канааттандырууга багытталган эл алдындагы кудайга табынуулар, аземдер тынчтык чогулуштарды жана башка эл алдындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн белгиленген тартипте ишке ашырылат.

5. Диний ырым-жырымдарды жасоо жана башка диний иш-аракет коомдук тартип, жарандардын, алардын ичинде дин тутпаган жарандардын укуктары менен эркиндиктери, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары сакталганда эркин өткөрүлөт жана чектелбейт.

**25-берене.** Диний адабият жана диний арналыштагы буюмдар

1. Жарандар жана диний уюмдар диний адабияттарды, ошондой эле диний арналыштагы башка буюмдар менен материалдарды өз ыктыяры боюнча сатып алууга жана колдонууга укуктуу.

2. Жарандар жана диний уюмдар диний арналыштагы буюмдарды, кудайга табынуу адабияттарын жана диний мазмундагы маалыматтык материалдарды басып чыгарууга, өндүрүүгө, экспорттоого, импорттоого жана жайылтууга укуктуу.

3. Диний мүнөздөгү мезгилдүү басмаларды жана кудайга табынууга арналбаган башка диний адабияттарды чыгаруу Кыргыз Республикасынын басма сөз жөнүндөгү мыйзамына ылайык ишке ашырылат.

4. Диний уюмдар жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонууга укуктуу.

**26-берене.** Кайрымдуулук жана маданий-агартуу иш-аракети

1. Жарандар жана диний уюмдар кайрымдуулук жана боорукердик ишмердүүлүгүн башка уюмдар аркылуу да, өз алдынча да ишке ашырууга, ошондой эле кайрымдуулук уюмдарын (баш калкалаар жерлерди, интернаттарды, ооруканаларды жана башка социалдык мекемелерди) түзүүгө укуктуу.

2. Жарандар жана диний уюмдар кайрымдуулук, диний адабияттарды окуу жана жайылтуу, ошондой эле башка маданий-агартуу иш-аракеттерди жүргүзүү максатында коомдорду, тугандык уюмдарды жана жарандардын башка бирикмелерин түзүүгө акылуу. Алар өз уставдарына ээ болууга жана юридикалык жактар катарында катталууга же юридикалык жак укугусуз эле диний уюмдарынын түзүмдүк бөлүгү укугунда иш жүргүзүшү мүмкүн.

3. Диний уюмдар кайрымдуулук, маданий-агартуу жана башка социалдык жактан пайдалуу иш-аракетин жүргүзүү үчүн ассоциацияларга (союздарга) өз ыктыяры менен биригүүгө акылуу.

**27-берене.** Миссионердин иш-аракет

1. Ушул мыйзамда миссионердик иш-аракет деп, өзүнүн диний ишенимин диний үгүт, агартуучулук, кайрымдуулук жана башка жолдор менен жайылтуу боюнча иш-аракет эсептелет.

2. Миссионердик иш-аракетке башка диндерди жана дин тутпаган жарандардын ынанымдарын сыйлоо шарттарында жол берилет.

3. Башка диндердин өкүлдөрүн мазактоо, конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө жана коомдук тартипти бузууга чакыруу аракеттерине, ошондой эле зордоо, алдоо, сатып алуу же башка мыйзамга каршы аракеттерге байланыштуу миссионердик иш-аракеттерге жол берилбейт.

**28-берене.** Эл аралык байланыштар жана карым-катыштар

1. Жарандар жана диний уюмдар топтук жана жеке негизде эл аралык байланыштарды жана жеке карым-катыштарды орнотууга жана үзгүлтүккө учуратпоого, анын ичинде зыярат кылуу үчүн өлкөдөн чыгууга, жыйналыштарга, съезддерге, конференцияларга жана башка диний иш-чараларга катышууга укуктуу.

2. Диний уюмдар жарандарды чет өлкөлөргө диний окуу жайларында окутууга жана ушул максатта чет өлкөлүк жарандарды кабыл алууга акылуу.

## *VI-глава. Диний уюмдардын мүлктүк, эмгектик жана каржылык укуктук мамилелери*

**29-берене.** Диний уюмдардын менчиги

1. Диний уюмдардын иш-аракетин камсыз кылуу үчүн керектүү имараттар, табынуу буюмдары, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук арналыштагы объектилер, акча жана башка мүлк алардын менчиги болуп эсептелет.

2. Диний уюмдар өз каражаттарынын, жарандардын, уюмдардын кайыр салым катары берилген же мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген жана мыйзамда каралган башка негизде алынган мүлккө карата менчик укугуна ээ.

3. Диний уюмдардын менчигинде чет өлкөлөрдө жайгашкан мүлк болушу мүмкүн.

4. Көп тогоолуу (республикалык, аймактык) диний уюмдарда менчик укугу ушул уюмдардын уставына жараша аныкталат.

5. Диний уюмдар ыктыярдуу каржылык жана башка кайыр салымдарын берүү өтүнүчү менен кайрылууга жана аларды алууга укуктуу.

**30-берене.** Мамлекеттин, мамлекеттик эмес уюмдардын жана жарандардын менчиги болгон мүлктү пайдалануу

1. Жарандар жана диний уюмдар мамлекет, мамлекеттик эмес уюмдар жана жарандар тарабынан келишимдик башталышта берилген имараттарды, аймактарды жана мүлктү пайдаланышат.

2. Жарандар жана диний уюмдар башка менчик ээлерине таандык болгон мүлктү акысыз негизде пайдаланууга акылуу.

3. Жергиликтүү мамлекеттик органдар мамлекеттин менчигиндеги табынуу имараттарын жана башка мүлктү диний уюмдардын менчигине же акысыз пайдаланууга өткөрүп берүүгө укуктуу. Диний уюмдар курчап турган аймагы менен табынуу имараттарды өткөрүп алууга артыкчылыктуу укукка ээ.

4. Тарыхый жана маданий эстелик болуп эсептелген объектилерди жана буюмдарды диний уюмдарга өткөрүп берүү жана диний уюмдар тарабынан аларды пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

5. Мамлекет диний уюмдарга тарыхый жана маданий баалуулук болуп эсептелген табынуу имараттарды реставрациялоого материалдык жардам бериши мүмкүн.

**31-берене.** Диний уюмдардын ишкердик жана чарбалык иш-аракети

1. Диний уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана өздөрүнүн уставдарына (жоболоруна) ылайык юридикалык жак укугу менен басма, полиграфиялык, өндүрүштүк, реставрациялоо-курулуш, айыл чарбалык жана башка коммерциялык уюмдарды түзүүгө укуктуу.

2. Диний уюмдар тарабынан түзүлгөн коммерциялык юридикалык жактардын иш-аракети диний уюмдардын иш-аракетинин максаты менен байланыштуу болууга тийиш.

3. Диний уюмдар өз иш-аракетин чарбалык жактан камсыздоо максатында (имараттарды оң абалда кармоо, диний кызматчыларды жеткирүү, ырым-жырымдардын өткөрүлүшүн материалдык жактан камсыздоо) юридикалык жак укугусуз ички чарбалык бөлүмдөрдү түзүүгө же өз алдынча түздөн-түз камсыздоо менен алектенүүгө акылуу.

**32-берене.** Жоюлган диний уюмдун мүлкүн тескөө

1. Диний уюм жоюлганда анын менчигиндеги мүлктү тескөө уюмдун уставына (жоболоруна) жана Кыргыз Республикасынын күчүндө турган мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Укук мураскерлери жок болгон учурларда мүлк мамлекеттин менчигине өтөт.

**33-берене.** Диний имараттар (жайлар)

1. Диний уюмдар өз максаттары үчүн табынуу, ошону менен бирге башка имараттарды (жайларды) пайдаланууга укуктуу.

2. Аймактарга курулуштарды пландаштыруу компетенциясы болгон мамлекеттик органдар курулуш пландарында диний объектилерди алдын ала караштырууга тийиш.

**34-берене.** Диний уюмдардагы жарандарын эмгектик укук мамилелери

1. Диний уюмдар жумушка жарандарды Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык алууга укуктуу.

2. Диний уюмдар жарандарды, ошону менен бирге диний кызматчыларды, эмгек келишимин түзбөй эле жумушка эмгек акысыз жана акы төлөп алууга укуктуу. Мындай учурларда алардын иши диний уюмдун ички эрежелери менен жөнгө салынат жана бул жобо башкаруу органынын чечиминде же диний уюм менен кызматчылардын (диний кызматчылардын) ортосундагы диний (кызматтык) милдеттерди аткаруу жөнүндөгү келишимде  белгиленүүгө тийиш.

3. Диний уюмдарда эмгек келишими боюнча иштеп жаткан жарандарга карата Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамдар, ошону менен бирге мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматкерлерине карата колдонулуучу салык салуу тартиби колдонулат.

4. Ушул статьянын 2-пунктунда белгиленген адамдар өз милдеттерин аткарууда киреше алган болсо, анда аларга да мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматкерлерине карата колдонулуучу салык салынат.

**35-берене.** Диний уюмдарда иштеген жарандарды социалдык камсыздоо

1. Эмгек келишими боюнча диний уюмдарда иштеп жаткан жарандар, анын ичинде диний кызматчылар, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматкерлери менен катар эле социалдык жактан камсыздалууга тийиш.

2. Бул максаттарда диний уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана өлчөмдө мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөрдү жүзөгө ашырат.

3. Диний уюмдарда эмгек келишимисиз иштеген жарандардын, алардын ичинде диний кызматкерлердин социалдык камсыздоосу диний уюмдардын ченемдеринин негизинде өзүнүн атайын социалдык фондулары же башка тартипте жүзөгө ашырылат.

4. өз милдеттерин социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу системасынан чыгарылып салынган мезгилде аткарган кызматкерлердин (диний кызматчылардын) пенсиясын дайындоо жана аныктоо өзгөчөлүктөрү Өкмөттүн токтому менен орнотулат.

## *VII-глава. Дин тутуунун эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын сакталышына көзөмөл жүргүзүү жана аны бузгандык үчүн каралган жоопкерчилик*

**36-берене.** Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын сакталышына көзөмөл жүргүзүү

Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдын сакталышына көзөмөл мамлекеттик органдар тарабынан алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында орнотулган компетенциясына ылайык жүзөгө ашырылат.

**37-берене.** Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамды бузгандык үчүн каралган жоопкерчилик

Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамды бузган

кызмат адамдары, жеке адамдар жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**